НАЗИР ХУБИЕВ • АЛКЫШ



НАЗИР ХУБИЕВ • АЛКЫШ



Назир Хубиев

# АЛКЫШ

Ырлар

Фрунзе
«Кыргызстан»
1983

84 Кара
Х—98

Орус тилинен которулду

$Х\frac{70403—46}{М\ 451\ (17)—83}$238—83.4702260000

© Которулду, түзүлдү, «Кыргызстан» басмасы, 1983-ж.

## ЖООКЕР ЖАНА ДЫЙКАН

Жоокер, дыйкан экөө таза көңүлдөн
Жерге өтө жакындыгын билебиз.
Жоокер каны, дыйкан каны төгүлгөн
Жерди сактап, дилибизден сүйөбүз.

Жоокер гана жүрөгүнөн туйбайбы,
Айлуу түндө ак буудайдын тынчтыгын.
Дыйкан гана жакшы сезет турбайбы,
Жаш эгиндин шыбырынын чын сырын.

Солдат гана аны менен чечилип
Сүйлөшмөкчү ичинен, үн катпастан.
Дыйкан гана жүргөн кезде жер тилип,
Аны менен маектешет шашпастан.

Алтын жерим шуудуратып аштыгын,
Дыйкан менен кеп курушат талбастан.
Солдат ага берет өмүр жаштыгын,
Ошондуктан жерим түрүү ар качан!

## ОЙ ТОЛГОО

Өмүр, адам сөз байлашкан өз ара,
Өзгөртпөөгө мамилени, сезимди...
Бир топ болду, ырдай берем жүрөктөн,
Ыйлай берем жашка чайып көзүмдү.

Барган сайын мага кымбат байкалат,
Туулуп-өскөн мекен койну, чар тарап:
Кызыл чынар, Эльбурсумдун ак кары,
Тоо суусунун шылдыр агып акканы,

Түпсүз асман төбөсүнөн кут жанган,
Кууш көчө кой сорпосу жыттанган...
Бүт бардыгы кадыресе! Тоо койнун
Көп аралап канча жүрсөм тойбодум...

## КАРКЫРАЛАР

Кайра дагы курма бышып саргарат,
Ызгаар согот түнөргөн тоо тараптан,
Чуркурашат тумандарды аралап,
Каркыралар үйүрүнөн адашкан.

Тууган жерди, көк тиреген ак кардуу
Аскаларды бузуп таштай алышпайт!
Узак түндө койнун жарып асмандын,
Чуркураган каркыралар алыстайт.

Каркыралар бакыт издейт, дүйнөнү
Аралашып көөдөй кара түндөрү.
Жан дилимде жаңырмакчы далайга,
Ал куштардын асман жарган үндөрү.

## АК КАР

Ак кар кайда жоголот,
Кыш өткөндө, көктөмдө?
— Ак кар сиңет кыртышка,
Күн мээримин төккөндө.

Ак кар эмне аткарат,
Жер койнунда күймөлө?
— Данды ойготуп, чыгарат
Аны жарык дүйнөгө.

Ак кар тосот кандайча,
Келгин куштар кайтканда?
— Ак кар аппак гүл болуп,
Көрк жаратат бактарга.

Ак кар эмне кылмакчы,
Толук эрип кеткенде?
— Ак кар мөлтүр суу болот,
Өз мезгили жеткенде.

## ЭНЕМЕ

Балким мүмкүн
Кыштын ушул түнүндө,
Биздин тоону каптап калар кар калың.
Тоо бүркүтү канатынын түбүндө
Катып алып тынч уктатаар балдарын.

Эне сенин кулундарың түн түшкөн
Салгылашта
Шум ажалга чарпылган...
Анан кантип суктанбайсың бүркүткө
Жана анын балдарына талпынган?

Жүрсөм деле өз жергемен алыста,
Ырым учат
Конушума кутка бай.
Жылдыз өчүп, атканчакты жарык таң,
Апам мени ойлой берет уктабай.

Көз алдымда сен турасың муңайып,
Таяк кармап
Кара тору колуңа.
Аккан жашты көздөрүңөн чубалып,
Аарчыгансың, кейиш толуп оюңа.



Көп түйшүктөн аппак болду чачтарың,
Баскансыйсың
Жааган кардын алдында.
Тар жол менен алга кадам таштадың.—
Эмгегиңди актай албайм сан жылда.

Сен кайгырсаң туманданып көздөрүм,
Таң шооласын ачык көрө албадым.
Күлүңдөсөң койну чексиз өз жерим,
Сени туурап күлүмсүрөйт ар дайым.

## МЕНИН ЭЛИМ

*Карачай — Эльбурстун этегинде жашаган калыс жүргөн калк. Алар өздөрүнүн туруктуулугу, сулуулугу жана эрдиги менен өзгөчөлөнөт.*
*Лев Толстой.*

Эльбурс карын, тоо этегин турактап,
Кең өрөөндө эргип канат сермеген.
Кыраан элим, эзелтеден мурастап,
Бүркүт куштай тоо арасын жердеген.

Азыркыдай, мезгилдерде баягы,
Досторуна жергем койнун кең жайган.
Бирок анда, кара булут талааңы,
Аймагыңды көлөкөлөп калдайган.

Калам алып, колго кармап канжарын,
Орок жана соко менен салмактуу,
Менин элим ташкындаган казалын
Жазган эле аскаларга айбаттуу.

Коркунучтуу көчкү көчсө, калтырап
Калган жоксуң, кайра артка качпадың...
Шаркыратма обон салса шаркырап,
Түзгө тарайт жаңырыгы асканын.

Ак кар баскан Эльбрустан, арчалуу
Токойлордон шаңдуу ырлар жаңырат.
Алтын сөздөр карт зоолордон таркалып,
Жан эриткен сонун күүдөй кагылат.

* * *

Күзгү көктө канат каккан куштарбы?
Жок, бул менин өткөн өмүр—жылдарым.
Куштар кайта кайтышат,
Эңсеп жаздын ыргагын.
Өткөн жылдар эми кайра кайтпастыр.
Өткөн өмүр — отун сымал кургаган.
Мезгил аны өрттөп салат таптакыр.
Жок дегенде жолоочуну тосомун,
Өчпөй күйүп турган кезде очогум!

## ЧАҢКАГАН ЧӨЛ

Чаңкап-суусап кыйналып,
Чөл өңгүрөп, муңдуу добуш таратты.
Катып калган жер менен
Илкий басып кербен кетип баратты.
Сары коондой килейген,
Күн асмандан түшүп келди жана бат,
Закым болуп томолонуп жөнөдү,
Абадагы үн туманды аралап.
Сасып эле кара түтүн
Уюлгуду капталынан бархандын,
Кимдир бирөө өрттөнгөнсүп,
Кенен койнун асмандын.
Түрмөктөшкөн булуттар,
Чынгысхандын атчан калың колундай,
Алга жылып жөнөдү,

Ээ-жаа бербей,
Тарпка тойбос жорудай.
Ысык шамал ажылдады,
Тынчтык быт-чыт тытылып,
Монголдордун кылычындай
Жарк-журк этип ышкырып.
Төөлөр боздоп,
Кум учурган куюн жүрө баштады.
Килейген зор тегирмен
Майдалап тартты таштарды.
Каракумдун кумдары да күүлдөп,
Каптап кетти теребелди, асманды.
Бирок, тарап караңгылык,
Жарк дей түштү айлана,
Кум деңизи, суусуз дайра нугуна —
Төшөгүнө байлана,
Калды тынчып.
Күндү көрдүм сөксөөлдүн
Мүйүз сымал бутагына асылган,
Кызыл кумдун үстүндө
Карапанын сыныктары чачылган.

— Айтып берчи карыя,
Чөлдүн эски жомогунан, угалы,
Хорезмдин эң байыркы
Кең аймагы тууралу...
Ошол мезгил —
Пирамида убагы...

«Бак-дарак өскөн бул жерде,
Түркүм түстүү жибектердей кулпуруп.
Бети-башты куйкалаган жел соккон
Жерде суулар аккан алга умтулуп.
Бирок, чаңкап суусаган
Күн бир кезде кулап түшкөн асмандан —

Тамчы суу жок, мына бу
Бабалардын жери үпкө какталган.
Ташкындаган дарыялар байыркы,
Кургап калган бир кезде.
Жашыл бактар жаз маалында кулпурган,
Куурап калган бир кезде...»
Аңгемечи карт жолоочу чаалыкты.
Төө үстүнөн үргүлөп,
Чалпар деңиз кирди анын түшүнө,
Толкундана дүңгүрөп.
Кызыл-ала жол салып,
Шайыр Күндүн, кара,
Канат какканын,
Бир заматта кууп жетип нурдантып,
Жарык кылат зор кеменин арт жагын.
Андан соң,
Уйку-соонун арасынан капыстан,
Кулак түрдү кубанып —
Уга койду, кайсыдыр бир тарапта
Жаткандыгын суу агып...
«Жакын жерде суу шаркырайт,
Бергилечи батыраак!
Бир жутайын! — дегенде ал тумчугуп,
Аны капыс ойготту,
Кубанычтуу кыйкырык...
Кумду көккө көтөрүп,
Зор каналдын капталына чабыла,
Шашып алга атырылат:
Д а р ы я!

## ЖАШЫЛ ЖАЛБЫРАК ШААРЫ

Ала-Тоонун жакасына жаз келди,
Жаштык сымал кирсиз жана татына.

Алтын күндүн ак жарыгы шаң берди,
Жалбырагы жашыл шаарга чачыла.

Көчөсүндө арык суусу шаркырап,
Көк тирешет жашыл терек, ак кайың,
Жаш бөбөктүн бешэнеси жаркырап,
Эске түшөт өтүп кеткен жаш чагым.

Мобу жерге карлыгачтын уясын,
Бир кездерде өзүм салган болчумун.
Жаз маалынын музыкасын угасың,
Жалбырактар таратканда шоокумун.

Калыбындай жыйырма жыл мурдагы,
Көк теректер бой керишет асманга.
Улам артып кара бактын жыргалы,
Серүүн себет шайыр-шатман жаштарга.

Көз алдыма келе калат ардайым,
Кең аянттын күн нуруна балкышы,
Атчан турат алга карай кол жайып,
Эр Фрунзе — Октябрдын жарчысы.

Ак булуттар — ак тоолордун башында,
Лебединка көпүрөсүн көрөмүн...
Жалбырагы жашыл шаарда жашымда
Болгонумду дайым эстей беремин.

## АЛТЫН ЖАЛБЫРАК

Күн кыска, түн узарып,
Саргарган тоолор кайгырат,
Кайдадыр учуп муңайып,
Коштошот алтын жалбырак.

Эртең менен күнүгө
Көрүүгө келсең, ак кайың,
Термелип, желге күбүрөйт,
Күзүндө кейиш тартканын.

Турналар учуп бөлүнбөй,
Куркулдайт көгүш туманда,
Калардан мурда көрүнбөй.
Көңүлдү бөлөйт убайга.

Булутту жиреп эргишет,
Канат кага дабыштап.
Коштошуп кете беришет,
Барган сайын алыстап.

Өзүм да бир убакта,
Тоолордон алыс жүргөмүн,
Жүрөк-дилден, бирок да,
Тоолорду гана сүйгөмүн.

Андыктан кымбат баарынан,
Жалбырактар саргарган,
Жергемин кайың-багынан
Үзүлүп, желге айланган.

Күз маалынын ырлары
Шаңдуу чыгып жаңырат,
Ырдап бер ушул жыргалды,
Күздөгү алтын жалбырак!

## ЖЫГАЧ ЧӨЙЧӨК

Мына эми колума
Жыгач чөйчөк аламын,
Бул эң ыйык идиши,
Менин ата-бабамын.

Чоң атамдын атасы,
Бул чөйчөккө кол сунуп,
Шарап ичкен ар дайым,
Конок болуп олтуруп.

Майрамдарда, күйүттү
Убактылуу унуткан.
Бул чөйчөккө толтура
Таруу бозо куюшкан.

Согуш менен эмгектин
Эрлеринин тоюнда,
Сунган шайыр тамада,
Сени алып колуна,

Жыгач уста кер мурут,
Кызык ойго курчалып,
Оймологон коөздоп,
Сага түркүм түр салып.

Ушул жыгач чөйчөктү,
Чебер уста алыптыр.
Сени курчап, айланта
Жазы сызма салыптыр.

А түбүнө апанын
Көз жаштарын сактадың,
Күн нуру да кургата
Алган эмес жаш тагын.

Шамалга да кургабай,
Отко күйбөй, бүгүн да,
Жаштын тагы туз болуп
Катып калган түбүндө.

Сен сактайсың байыркы

Бабалардын сырларын,
Сен уккансың уландар,
Селкилердин ырларын.
Чагылышат бетиңе:
Кавказдын зор тоолору.
Дарыялар көк кашка,
Пихта бактар коодогу.
Шаркыратма чуулары,
Шуудурашы чынардын,
Күркүрөшү көчкүнүн,
Шаңкылдашы тынардын.

Өткөндөрдү эскерүү,
Өрө берет өрмөгүн.
Ойго салат бабалар
Азап-тозок көргөнүн.
Атам мага идишти
Белек кылып калтырган.
Сактайм жыгач чөйчөктү,
Артык баалап алтындан.

## АЛА-ТОО

Акындардай аксакал
Акыл айткан жаштарга,
Ак кар баскан Ала-Тоо
Моюн созот асманга.

Мезгил сызат, күлүгүн
Камчыланып Манастай,
Даңкан учат күлүктүн
Туягынан табактай.

Ала-Тоону аралап
Жүрүп булут чаңкаган,

Ысык-Көлдөн суу ичет,
Түшүп келип аскадан.

Тоодон суулар шаркырайт,
Теребелди шаттантып,
Даңктуу ырчы Токтогул,
Тилин безеп жаткансып.

Күндүн нуру асканы
Албыртат ак шамдардай.
Кандай бийик Ала-Тоо,
Көздүн жоосун алгандай!

## ЫСЫК-КӨЛДҮН АЙЫ

Булуттар көктөгү жай гана таралып,
Буурул түн каптады айлана агарып.
Жаркырайт толгон ай көк көлгө үңүлүп,
Жаш сулуу тургандай күзгүгө каранып.

Беймарал мемиреп чалкыган көлү көк,
Чопкуттуу чокулар чородой көрүнөт.
Жомокко өңгөнсүп жылдыздар жылт этет,
Жылаңач перидей Ай көлгө чөмүлөт.

Ашыктар сырыбы толкундун шыбыры,
Ажарлуу балбылдайт Чолпондун жымыңы
Ажайып түнү укмуш Чолпон-Атанын,
Аңтарып койгондой алтындан чыныны.

Делөөрүп жүрөгүм — көл бойлоп кетемин,
Көк жибек толкундун желпийт жел этегин.
Перидей жап-жалгыз чөмүлүп көрүнгөн,
Айыңа Ысык-Көл арбалган экемин...



# БАЛАЛЫГЫМ МЕКЕНИ

Нан кымбат кезде алтындан,
Аччылык алган алкымдан —
Мекенсиң мээрбан Ала-Тоо,
Жаштык чагым калтырган.

Төрөлүп Кубань жээгинде,
Торолдум кыргыз жеринде.
Бөбөктөй көөшүп ыр уккан,
Бөлөнгөм тоолук мээримге.

Ала-Тоо деген кезде мен,
Эльбурсту дайым эстегем.
Кыргыздын сөзүн укканда,
Өз тилим демин сезчү элем.

Байыртан асыл салт калган,
Ыйык деп мейман баркталган —
Сүйгөмүн Манас жергесин,
Ой-түзү гүлгө капталган.

Табынан жазбас дулдулдай,
Таңшыган жазда булбулдай.
Токомду жакын көргөмүн,
Тоолуктун Батыр [1] уулундай

Жүгүнүү парз дейм башымда,
Жүргөн жер сага жашымда.
Урматтайт учкан уямды,
Устатым Кайсын акын да.

---

[1] Батыр — балкар элинин акыны.

## ТОГОЛОК МОЛДО ПАРКЫНДА

Мөлтүлдөп бөбөк жашындай —
Чык түшкөн гүлгө, жашыл жай.
Бураң бел ырдап жаткансып,
Булбул да сайрайт басылбай.

Чокулар күмүш күлөлүү,
Тургансыйт күтүп бирөөнү.
Апкелди акын алдына,
Арзыткан жүрөк сүрөөнү.

Эстелик! Таштан чегилген,
— Эсенби, устат? — дедим мен. —
Гүлдесте мына белегим,
Күнөстүү Кавказ жеримден...

Ал турат күнгө чубактап,
Ай, жылды канча чубатмак.
Алтындай сөзү дат баспай,
Асем ыр, күүнү кубаттап.

Кызыл таш кудум жан бардай,
Кылымга назар салган жай.
Ал чачат ырдын учкунун,
*Дилинде элдин жангандай.*

Алдына келдим кастарлай,
Акынга залкар актандай.
Жашыл бак, булбул тил безейт,
Жаш селки ырдап жаткандай...

## ЧҮЙ ӨРӨӨНҮНҮН ТАҢЫ

Сүрүлүп булут жел тийсе,
Тянь-Шань жатат бейпилде.

Чокулар үнсүз, текебер,
Тигилет жашыл мейкинге.

Бир асем дүйнө бул кандай?!
Бийкечиң жанда тургандай.
Жап-жашыл, жап-жаш жер бети,
Шүүдүрүм чаңын жуугандай.

Эстеткен бала чагымды,
Издерим Чүйдөн табылды.
Көчөттөр анда мен тиккен,
Көк мелжип, жайган тамырды.

Жээктеп Чоң-Чүй каналын,
Жел жетпей сызып барамын.
Аттиң-ай азыр бир көрсөм,
Атамдын тирүү караанын...

Карылар, жаштар түнөшкөн,
Камырап койбойт көрүстөн.
Антсе да мында деп келем:
«Атакем менен көрүшсөм».

## МАНАСТЫН АРЧАСЫ

*(Ч. Айтматовго)*

Карт Тянь-Шань чокусуна сайылып,
Жашыл арча турат кылым карыткан.
Бутактары чагылганга чабылып,
Арасы ал асман-жерге алышкан.

Бороон-чапкын аны далай каптады,
Кышкы аязда муз жамынып капталы.

Ошондо да жериген жок асканы,
Ал арчаны эл ырында даңктады.

Тандап алып түркүн дарак ичинен,
Манас тиккен көчөтүн бул арчанын.
Чыпалактай бою да эле кичине эң—
Азыркыдай көөнүн бурбас барчанын.

Ал асмандын жерде турган өкүлү,
Абалтадан көрсөтүлүп ишеним.
Шоола төгүп, жылдыз жанган көкүлү,
Билген түндүн алыс качып, житээрин.

Байыркыны аңыз кылган канчалар,
Балаты эмес — Байрак азыр башка эми...
Тоонун боорун каптап турган арчалар,
Жоону сүргөн кудум Манас аскери.

Тоо, асманга берип турат жарашык,
Жайын-кышың жашыл кийип көкөлөп.
Күн чубактап, алтын нурун таратып,
Көөдөнүнө аппак чууда көтөрөт.

Түркүк сымал ак мөңгүлүү чокулар,
Жаңыртышат улам кардын шейшебин.
Арча деген—дарттан сактайт тоосун ал—
Манас колу кайтаргандай эл чегин.

Каран түндө жолун бөгөп кастардын,
Албууттанып аска-ташты уратат.
Тоого күчүн тартып берип асмандын,
Өз элине алтын туур — уя чак!

Кош этектей шаалайлары жайылып,
Арча турат кырсыктан жер калкалап.

Бүркүт дагы канат жазып, чамынып,
Добул жана чагылганды каршы алат.

От жебесин жанып турган кайрактай,
Кетилбеген анын өлбөс жүрөгү.
Түк жыгылбай желбиреген байрактай,
Туу чокуда Манас — арча түнөгү!

## ТОО КУЛАДЫ

*(Энем өлгөн түнү жаралган баллада)*

Миң тоо кулап жүрөгүмдө,
Батты тийбей миң күнүм.
Кара кыян каптап мүлдө,
Кыйрап түштү түркүгүм.

Миң тоо көчтү жүрөгүмдө,
Бир миң дайра соолду,
Күн тутулуп түнөгүмдө,
Күйүт башка оролду.

Миң тоо кулап жүрөгүмдө,
Миң булбулда тил катты.
Эне, алдырып шум өлүмгө,
Жигеримди зил басты.

Миң тоо кулап жүрөгүмдө,
Кетти миң жыл өмүрүм.
Кайрат айткан миң дос үйдө,
Көтөрө албай көңүлүм.

Миң тоо кулап жүрөгүмдө,
Миң ыр таңкы кыйылды.

Бир түн ичи көкүрөгүмдө,
Миң сан касрет жыйылды.

Миң тоо кулап жүрөгүмдө,
Миң ыр таңкы кыйылды.
Миң жылдызым сөнүп көктө,
Жаралуу дил бүлүндү.

Миң тоо кулап жүрөгүмдө,
Көздөй миң түн каптады.
Көз жаш селдеп гүл өңүмдө
Кайгымды жаш баспады...

Миң тоо кулап жүрөгүмдө,
Миң тал чачым агарды.
Кара кучкач үй үстүндө,
Каптап бакчам караңгы...

Миң тоо кулап жүрөгүмдө,
Өзүм түпсүз ордомун,
Билдим Эне, эл күйгөндө,
Миң эсе адам болгонуң.

## БАЛА ЖАНА КҮН

*(Алмаз Токтомушевге)*

Фрунзе шаары — жашыл бак,
Теректер желге баш ыргап.
Кужулдайт куштар бутакта,
Жаткансып ойноп жашынмак.

Арчалуу алыш боюнан,
Ар күнү таңда жолугам.

Төрт жашар досум Алмаздын,
Кармаймын быйтык колунан.

Кадим багбан баштанып,
Арык суусун башкарып.
Бак аралап азанда,
Жүрөт күндү каршы алып.

Шымаланып билегин,
Көздөйт арча, сирениң.
Көчөттөргө көк жашыл,
Күн да төгөт илебин.

Атаандашып Алмазга,
Андан артта калбаска,
Күндүн мурду кылайбай,
Келем таңда чарбакка.

Көрүп достун караанын,
Кайра өкүттө каламын,
Уяламын укканда
Чыйрак бала саламын.

Намыс кыстап: — Бас ылдам,
Наар албастан шашылгам.
Бирок, күлдү Күн, Алмаз —
Булут, шакка жашынган.

— Уйкуң байке, кандыбы?
Же чаласы калдыбы?
Азилдешсе Алмазым,
Күн булуттан каргыды.

Кичинекей багбаным,
Ылай колун кармадым.

Кыт-кыт күлүп мазактайт,
Каяша айтар барбы алым?

Каптап арча кайыңды,
Арык суусу жайылды.
Анан Алмаз олтуруп,
Чоордо күүнү кайырды.

Куйкалап күн аптабы,
Ыкшоологум жакпады.
«Айрөк, айрөк» дегенсийт,
Алмаздын да тартканы.

## КӨЧКҮ

Согуш менен өттү бала чак,
Жүргөн өңдүү көчкү куралып.
Эсте турат: анда октор жаап,
Атчан адам жалдан куланып...

Түн бир убак... Көчкү үнүнөн
Ыргып турам ал кез келгенсип:
Кимдир-бирөө тоодо атынан
Кулап түшүп, жанын бергенсип.

## ТҮШҮМДӨ

Теберди капчыгайым, анан тоо, жаз,
Айылым күн чубактап балкып турат.
Өзөнүм үнүн безеп дүйнөгө наз,
А булбул анын доошун кайрып улап.

Эски там мени өзүнө чакырат да —
Балалык чагым келип эрип барам,—

Төш жыттап көк дөбөтүм асылат маа,
Отургуч ташты эңилчек басып калган...

Кучактайм курдашымдай аны сылап,
Атакем канча бир жол этек басты,
Мен билем, ушул ташты сүйгөн сымак,
Ал киши сүйгөн эмес эч бир затты!

## КЫМЫЗ

Боз түшүп көпкөк, тунук Ысык-Көлдө,
Аптапта бөксө тоолор жатты тунуп,
Чаңкаган суусун канып бизде мүлдө,
Чабандын кызы жатты кымыз сунуп.

Буу чыгат додо табак беш бармактан,
Шыбырлап кымыз турат көбүк чачып...
Жаш мерген ыргып түшөт аргымактан,
Чеңгелин бүркүтүнүн шарт чыгарып.

Бүркүттөй эрдик өтөп эрлерди өткөн
Эскертет Манас айтып Ыманаалы...
Кымызын кер аякта түгөтпөсөң,
Меймандын төрдөн жылбай олтурмагы.

Эстеймин күндүн сыйкыр ак нурларын,
Ыйгарган кара-тору өңдү-түстү.
Эстеймин ыр кураган толкундарын
Жана да зор канаттуу тоо бүркүттү.

Кайтоолдоп түштөн кетпейт, жаштыгымдай,
Көгүлтүр Ысык-Көлдүн толкундары.
Кыргыз жер ак наныңды унутамбы,
Арадан ондоп жылдар өтсө дагы.

Кымызың бал татыган, сөзүң, үнүң,
Боз түшүп аптап турган ошол кечте,
Жылыткан жүрөгүмдү ачык күнүң,
Жүрөктөн кетпей турат баардыгы эсте!

## АТАМДЫН КЕМЕНТАЙЫ

Кыйкуулап өткөн өңдүү каркыралар,
Өмүрлөр кетти чөгүп түнөрүккө.
Өтсө да бу дүйнөдөн мыкты адамдар,
Эрдиги жашап калды түбөлүккө.

Ырдалып жүрөт токой шуулдагында,—
Баарыдан эң кымбаты — алар дайым.
Үйлөрдө калган эски кементайлар,
Баатырлар ысмын айтып ан-ансайын.

Илинип мүйүз мыкка ошол бойдон,
Атамдын кементайы төрдө турат.
Бала чак, көргөн сайын, кетпейт ойдон,
Согушка аралашып жүргөн сымак.

Бөксөрүп капчыгайдын дайра суусу,
Улгайып тоолор барат, адам карып.
Жамынып кээде үн катпай мен жатуучу,
Бозоруп кементайдын түсү жанып.

Айтмакчы, Лермонтов кементайын
Жамынып, а да уктаса керек эле.
Түнт токой... Жылдыз учуп мүнөт сайын,
Булактын доошун өрүп жатчу беле?..

Кыйкуулап өткөн өңдүү каркыралар,
Чиркешип жылдар агат... өмүр кулап.
Атамдын ардакталуу кементайы,
Жеңиштин туусу окшоп үйдө турат.

## БАШАТЫ ТООДОГУ ДАЙРА

Ак булут астында төрөлүп,
Агасың аймалап таш жүзүн.
Булактан башатың көгөрүп,
Күрпүлдөп күүлөнөт бар күчүң.

Кыялап зоолорго из салып,
Кайберен каткактап даам таткан.
Агымың аларга күү чалып,
Кайыңдар суу берип узаткан.

Тоодо өскөн кыздардын күлкүсүн,
Шарына алгандай сиңирип.
А жытын таңкы ачкан гүлдөрдүн
Кап-качан калган бейм шимирип.

Мөңгүлүү тоолордон желаргы
Аптапта узатып өзүңдү,
Өзөндөн кошулган шар суулар
Улуу деп укқансыйт сөзүңдү.

Мөңгүлүү тоосубу, же суусу
Ким билет кимиси пайдалуу?
Деги айтор, күрпүлдөк дайрасыз
Теберди [1] болмок го, кайгылуу.

## КАРАЧАЙЫМ

Айланат үзүктөй зор канат бүркүттөр
Байыркы тоолуу өлкөнүн асманында,
Сезилет мейкиндиги тирүкмуштай,

---

[1] Чоң капчыгайлуу жер.

Жел ойноп, эшилме жар жапкагында.
Булактар обон салып кыз үнүндөй,
А дайра жаңырыктап далай жерге.
Так ошол сүйкүм элде койчу үйүндө,
Төрөлүп көз жарыпмын бир туу белде.
Апамдын ак эмчек ээмп сүтүн сорсом,
А токой, дүйүм чөптөр жытын берип,
Ток болуп каз-каз туруп тез торолгом.
Аппак кар, көк муз тоңгон аскалардан,
Белекке тартуулаган зор күч келип.
Мен ыр ырдап жигиттерге тартуулап,
Койчуларга кошулушуп быштак жеп...
Жүргөн кезде жарлык кылды Ата-Журт:
«Сен тоо уулу эмгек өтөө керек!» — деп.
Карачайым! Каардуу турмуш агымы —
Мейкин кезип, мен алыска самсыгам...
Бөлөк жашап жүргөн ошол күндө да
Унутпадым ак карлуу тооң,
Асманында
Бүркүт үнүн шаңшыган,
Унутпадым узак ошол арышта,
Кыроо жалт-жулт чагылышкан шалбааңды.
Тууган жерим!
Тоолору окшоп керип койгон паруска
Обон салган, ыр ырдаган Мекеним!

## КЫЗЫЛ КҮН

Мен көрдүм керемет таң түндүктө аткан,
Шооласы күндүн дагы бир ажайып,
Куюлуп жакшы обондой кубулжуган,
А асман алтын менен жүзүн чайып.
Мен көрдүм керемет таң түндүктө аткан,
Ал жакта кудум жомок куштар бак бар.

Түнт токой жалбырагы шыбыр курган
Дабышка кулак түрөт топ бугулар.

Мен көрдүм керемет таң түндүктө аткан
Кып-кызыл казандай күн чыга келип,
Чок болуп горизонтко барып баткан
Кеткенсип ошол казан көлкүп эрип.

Мен көрдүм керемет таң түндүктө аткан,
Анан жол төрт кыр күмүш устун сымак,
Түшүмө кирет бирок алыскы таң.
А Эльбурс жолоочуга жагып чырак.

## ЛЕЙПЦИГДЕН ЖӨНӨӨРДӨ

Көчмөн-турист мен коштоштум Лейпциг
менен кечинде.
Ошондогу иңир кечте көргөн ак кол эсимде.

Эски аргендин беренесин басып ошо колдору,
Немис кызы Бах күүлөрүн ойноду.

Унуттум бүт сагынычты, бир керемет күч бардай
Ошол колдо ойношконсуйт ааламда түк үн
калбай.

Кербен болуп бир-бирине келген үндөр достошуп,
Кетип жатты желаргыдай, арген менен коштошуп.

Кайдадыр бир жаркын жакка сыйкыр тепкич
салгандай,
Музыкага жүрөк төшөйм күндүн нурун алгандай.

Кербендешкен үндөрдү угуп, кавказдык маа сезилди:
Кайгы-азаптар унутулуп — ааламда түк согуш
болбойт шекилди.



## АК БОТО

Кербен барат ай нурунан дем ала,
Куйкаланган кумдар жатат көшүлүп.
Коңгуроодон куса үн чыгып үзүлүп
Чиркелишкен кербен илкийт жай гана.

Жылдыз карайт кербен башы жол чалып,
Кербен болсо кемеге окшойт көлдөгү.
Туман көчөт... А коңгуроо үн салып,
Кирпик илбей кербен келет чөлдөгү.

Аппак бото мүдүрүлдү кум сүзүп,
Караңгы түн... байкабады эч бир жан.
Алыс келип кербен калды бук түшүп,
А чөл болсо көшүйт чыкпай кумардан...

Коңгуроодон кээде үн чыгып муң созо
Ак ботонун ыйын улап баратат.
Боздойт, чуркайт эрме чөлдө ак бото...
Коркпо, ыйлаба бир аздан соң таң атат.

## БЕШИК ЫРЫ

Жамынып тоолор аппак тон,
Чулганды түнгө баш жагы.
Үргүлөйт аска, кырка жон,
Уктай гой, уулум сен дагы.
Түн келди көчүп түнөгү
Уктай гой, тоомдун түлөгү.

Булуттар чөгүп буурул чач,
Жазданып карды калышты.
Кайың-тал көрүп түштө жаз,
Бүр чачып гүлдөп алышты.

Жаз келип гүлдөр чыккыча,
Чабалакейим тынч укта.

Кар үйлөп бороон чамынып,
Көөдөй түн... узак карачы.
Тыбыт жүн канат жамынып,
Бүркүттүн уктайт баласы.
Көзүң жум, андан мурда озун,
Уктай гой, менин ак козум.

Күр-шарын чертчү күү жанып,
Тоо суусу тоңуп, муз тирейт.
Оту өчкөн мешке кактанып,
Уйкуда мышык мемирейт.
Көргүчө үйөр агымын,
Уктай гой, алтын балыгым.

Аскалуу, зоолуу үңкүрдө
Тоо эчки жатат үргүлөп.
Күрткүлүү кардын түнүндө,
Айылын түшкө үргүлөт.
Албасын үшүк кулагың.
Уктай гой, тентек улагым.

Душмандын огу тийгенсип,
Мор улуйт, укмуш күү чалып,
Тозоңдон тонду кийгенсип,
Бурганак турат үн салып.
Тилегин жаз, күн ачыгын,
Уктай гой, менин чаарчыгым.

Түш көрүп жатып көгүчкөн,
Канатын коёт каккылап.
Жамынат тоолор көгүштөн,
Уйкусу канып күн чыгат.

Жамынат гүлзар бүт жериң,
Уктай гой, аппак кептерим.

## ЖЫЛМАЙЫП КОЙ

Үйүңдүн көрсөң жанынан —
Терезең шарт ач, жылмайсаң!
Кумура менен суу алсаң
Толгоно калып кылчайсаң!

Тоо башын алгач нур чалган,
Так ошол күн бол, жылмайсаң!
Ырларым сага арналган,
Кулак сал, уксаң, жылмайсаң!

Гүлүндөй алма жайнаган,
Ак көгүчкөнүм, жылмайсаң!
Канымда сенсиң кайнаган,
Так ушул үчүн жылмайсаң!

Тоо бөлүп бизди калса да,
Жолугушабыз кайрадан.
Той өтөт жаным жакында,
Өмүрлөш жарым, жылмайсаң!

## ТАЛААНЫН КЫЗЫ

*Марфуга Айткожинага*

Мелмилдеп жашыл талаа жомок болуп,
Жалындай кызгалдактар башын ыргайт.
Мейкинге торгойлордун күүсү толуп,
Бир сыйкыр али угалек обонду ырдайт.

Чымчыктын көзүнө окшош мөлтүр тамчы,
Шибердин арасынан карагансыйт.
А анан күндүн нуру болуп камчы,
Кургатып шүүдүрүмдү сабагансыйт.
Бирок, сен торгой болуп жаз, жай, күз, кыш,
Жүрөктө жердин көркүн дайым безеп.
Баарына башың байлап түк кеталгыс,
Билинбес бир күч чырмап алса керек.
Кубаныч, кайгы экөөн сезген адам,
Сезимдин сырын билет айттырбастан:

Чаңкайган көк асманда күн нур төгүп,
Киринип шүүдүрүмгө жатат чөмүп.
Баары тең жуурулушуп калган белем,
Элиндин ыры чыгат күн нур менен.
Ал ырда: талаа мел-мел көз жетпеген,
Күн болсо күлүк аттай жалт-жалт этет
Алманын шагын сылап жалы менен,
Алиге эшитбеген бир күү чертет.

Бөдөнө «бытпылдыктайт» тээ алыстан,—
Мен сенин үнүң тааныйм жаңылбастан,—
Тааныйм да мөл куракка собол салып,
«Аргы!» — деп, аргымакка камчы басам:
Түпкүрдө жомокко бир жете барсаң!
Ырдасаң, домбранын сыры терең —
Жамбылдын ырларынан айтып берсең,
Алма бак көлөкөлөп бала кезде,
Мен да бир, бакыт келип, уккан элем...
Жаз келип, күн чубактап талаа менен,
Ал эми, ойго чөмүп эстеп келем.
Акындар жакшы ыр менен өлгөндөрдү,
Ал турсун, тирилтишип коёт деген,—
Калет жок, айтылган бир чоң сөз экен.
Күз келип каркыралар желээ тартып,

Кайдадыр үйлөрүнө кайтып жатат.
Талааны таштай албай сугум артып,
Жүрөктө торгой сайрап, ак таң атат.
Добранын кош кылы безеленип,
Сагыныч жүлүнүмдү кесип барат.
Казактын сөзү мага түшүнүктүү —
Абайдын алп саптары кеткен тарап...

Күн сайын түшкө кирип көп-көк асман,
Күн сайын даам сызамын бал кымыздан.
Күн сайын барат менин кусам артып,
Өрөөнү Чунун мени чакыргансып,
Гүл төккөн күнгөй беттүү Кавказымдан.

## МАНАСТЫН ТУКУМУ

*Панфиловдун 28 жигитинин бирөө болгон Советтер Союзунун Баатыры Дүйшөнкүл Шопоковдун эстелигине.*

Тоо аралап өскөн элең бүркүттөй.
Ушул жерден Аккула өткөн жел жетпей,
Ушул тоого түнөп алып алп Манас,
Жеңген дешет душманын бир беттетпей.

Көзүң жарып, ушул жерде тоттугуп,
Ушул сууну тепчий кечип бойлодуң...
Шалтанын көп балдарына кошулуп,
Чыбык минип, Манас болуп ойнодуң.

Жазда болсо жоогазындын жалыны
Жатаар беле керемет бир, жүз чайып.
Чүй дайранын чагылышкан агыны,
Күн чыгаарда Ала-Тоо бир шаңкайып...

Согуш чыкты! Бүт керемет бузулду.
Сени узатып шуудурады жалбырак.
Маскөө алдында кар күйүп Күн тутулду,
Аалам турду аргасы жок тунжурап.

Анан кармаш, эсепсиз кол алгалап,
Жууруп келет топо жолду... бүт канга.
Кардан үйүп жасаган чеп калкалап,
Чаткал болуп көрүндү бейм, душманга.
«Өлтүрөм деп — житирем деп», баштап кеп,
Алар келген көчкү болуп уюшкан.
А «Чаткалдын аскасынан» келтек жеп,
Ооп калды бизди көздөй куюшкан!..
...Уч-кыйрына көз жетпеген жаңылык,
Дале бая Чалкар тоолор жаңырып.
Дале бая теректер да, гүлдөр да...
Дале болсо сени турат сагынып.

Мезгил өтөөр: жыл саналып, суу агып
Шарында сен обон болуп барасың.
А, Дүйшөнкул билем кылым карытып,
Манас өңдүү жомок болуп каласың.

## ЭРДИК ЖӨНҮНДӨ БАЛЛАДА

Согуш кирди түшүмө,
кайта элеси,
Эльбрустан көчкү жүрүп жатыптыр.
Баатырдын да,
коркоктун да энеси,
Кылдай тептең бир кайгыга батыптыр.

Согуш кирди түшүмө, кайта элеси,
Жээкке толкун көз жаш чачып буркурайт.

Чагылгандуу кара булут желээси,
Дайра удургуп, жулуну — агын, зыркырайт.

Согуш кирди түшүмө,
да кайтадан,
Жер бети бүт жуурулушуп кан болгон.
Ай тутулган, дагы адамдар кырылган,
Аалам болсо мүрзөлөргө жык толгон.

Согуш кирди түшүмө,
да кайтадан,
Балдар түшүп ызы-чуу, ыйлаган үн.
Капчыгайлуу иңирде келе жатсам,
Мээ жаңыртат шондогу караңгы түн.

Согуш кирди түшүмө,
да кайталап,
Санчар ашуу илекте түтөп жатат.
Көз жумгандар жөлөнүп ташка калган,
Жору айланат, өлүктөн башың катат.

Согуш кирди түшүмө,
да кайтадан,
Өлүк тоңгон көчкү-муз көлкүп,
эрип.
Кан жыттанган үйөрдө калкып анан,
Алар келет тирукмуш элестелип.

Согуш кирди түшүмө,
да кайталап,
Бу түшүмдө жоокерлер бет барышты.
Эльбрустун кыл чокусун ээлешип,
Эл, жер... үчүн Туу болду да калышты.

## ЭЛЬБУРС

*Николай Тихоновго*

Сезилесиң сен жомокто керемет,
Аппак бугу тоого чалып байлаган.
А мүйүзүң булут чалып, көк тиреп,
Сезилесиң түркүк болуп кайрадан.

Сени көрсөм — шор күн кетип агылып,
Ажайып бир турмуш жолго төгүлөт.
Кан майдандан агам келип, той кылып,
Апам кайра тирилгендей көрүнөт.

А сен мага бу дүйнөдө жапжалгыз,
Жер жүзүндө тирөөчтөйсүң таптаза.
Акылмандын акылманы жеталгыс,
Ааламда бир керемет алп ашпаса.

Санаа самсып, мен кайгырсам сен дагын,
Кабак түйүп, жөө туманда каласың.
Анан барып ачылганда жан-жагың,
Чокуң шаңда,
бир ажайып аласың!

Кандай бакыт!
Мен тагдырга ыраазы,
Ар жылгаңа тизе бүгүп турганга.
Кыйынчылык кылдай сезбейм тап-такыр,
Сен жанымда түркүк болуп турганда.

Ак бугусуң жомоктогу керемет,
Каатчылыктан калкаладың канча ирет.
Сен бар үчүн асманым да туптунук,
Сезбей оордук келатасың көк тиреп.

## ШАБАЙ АЙЛЫНДА

Тянь-Шандын муз мөңгүлүү тоосуна,
Төшүн тосуп жатат Шабай тээ кайда.
Бүркүт түнөп, уя салып зоосуна,
Капчыгайда жаңырыктайт чоң дайра.

Өскөн айлым, өгөй үйдөй көрбөдүм,
Койчуларга кошулуп көп кеч калгам.
Арча жагып, аркар эт жеп,
көргөнүм
Чубурууда өмүр жолум башталган.

Өрөөндө — жай...
Аска арасы көк тулаң.
Керимсели беттен сылайт кечинде,
Белес, кыры гүлгө толуп күндө улам,
Эрте жазда өрүк жыты эсимде.

Булак үнү, толкуйт жүрөк кылдары,
Койчу жазга колун булгайт ыр ырдап.
Терезесин ачса Шабай кыздары,
Өрүк гүлү учуп кирет сампарлап.

Шабай жатса аппак гүлдөр жамынып,
Жол жүрө бер,
жолуң шыдыр өрүштөп.
Толгоң токой кошулчудай камынып,
Кечмеликке койлор кирсе күргүштөп.

## КУРМАН БОЛГОН АГАМ ЖӨНҮНДӨ БАЛЛАДА

1.

Келди жазым бак бүчүрү ачылып,
Карагайлуу токой көшүйт чайпалып.

Жакында эле карда жаткан басылып,
Буудай өстү тукабадай жайкалып.
Жаным ага,
Көрбөдүңгө сен муну!

Тоонун башы туман менен чулганып,
Алда качан кыш менен кош айткансыйт.
Көктө турна тизилишип үн салып,
Алыс жактан үйлөрүнө шашкансыйт.
Жаным ага,
Кайта кайтып келбедиң.

Булут дагы колун жайып сермелейт,
Сагынычы, кумар-чери тарабай.
Өз тоолорун бооруна бек кучактап,
Турган өңдүү жанды сезбей карабай.
Жаным ага,
Унуттуң го жарыңды!

Тоо чепкенин чечип, дайра ойгонуп,
Балапандуу бүркүт учат аскадан.
Кайгы баскан каклядан кечээки,
Шаттык күүнүн үнү чыгат кайтадан.
Боорум ага
Бирок да сен кайтпадың...

2.

Жанын кыйып, каза тапкан солдаттар,
Өз жеринде мемирешип укташкан.
Жооп берчи эч белгисиз бейиттер,
Агам Акмат кайсыңардан жай тапкан?

Соккон желге кучагымды ачамын,
Чындыкты айтаар толкундары Волганын.

Айтчы толкун, жошолонгон кан менен,
Түпкүрүндө Акмат агам жатпасын?

Европанын каткан кары таштары,
Солдаттарды көп көрдүң го, тапсаңар.
О блиндаж, о эскирген окоптор,
Кайда жатат Акмат агам, айтсаңар?

...Өтүп калам ылдый салып башымды,
Күйүттөнөм сезсем деле кайтпасын...
Аткан октун тагы калган кайыңдар,
Түбүңөрдө агам уктап жатпасын?

3.


Апакемдин түшүндө сен келипсиң,
Үмүт үзбөй, күтүп эле жүрөбүз,
Тамак коёт, биз тойгон соң агама...
Дайым айтат: качан жүзүн көрөбүз.

Жолду карайт күндө көзүн албастан,
Почтальон өтүп кетет токтобой.
Күйүттөнүп күтө берет талбастан,
Үмүт үзбөйт, эне уулун жоктобой.

Эне күтөт шам-чырагым жанат деп!
Көк асманда шаңшып бүркүт чабыттайт.
Көптү көргөн тоо боорунан көз салып,
Уулу сымак аскага сыр багыштайт.

## АЗГЕК СУУСУ

Тоодон алыс жүргөнүмдө көп жылдар,
Деги канча дайраларды кечпедим.



Биринчи гүл, балалык көз жыты бар,
Азгек аккан капчыгайдай сезбедим.

Тоо боорунан кыя жолдор байкалат,
Аппак мөңгү чокусунан кетпеген.
Жаш баладай жарк-жарк күлүп жайкалат,
Мөлтүр Азгек көзүн карап эңсеген.

Ата-баба арабасы жүргөн жер.
Азгек башы шылдыраган булакта,
Көк чыбыты бала минип күлгөн жер.
Нечен жолу чаңкаганын кандырып,
Ичкен эле Хаджи-Абрек[1] суунадан.
Жашай бергин, суусун берип, тоо жарып,
Азгек дайрам кетким келбейт койнуңдан!

Капчыгайда көбүктөнүп ташкындай,
Ага бергин, созсом чыгаар үнүмсүң.
Эне сүтү, балалык, нан жытындай,
Азгек — өзүң ардактаган гүлүмсүң.

## АПАМДЫН БЕЙИТИ

Тикен баскан дөңгө чыктык биз келип,
Эски бейит. Эчак калган кароосуз.
Өттү убакыт отуз жылдай чиркелип,
Азыр көрүп, эстен танып турдум суз.

Кумга кончу өргүп жолдо турналар,
Чүй талаасы, Ак-Суу айлынын четинде.
Көп мүрзөдө көздөн акты тамчылар,
Жазуусу жок таштын актай бетинде.

---

[1] Хаджи-Абрек — М. Лермонтовдун «Хаджи-Абрек» поэмасынын каармани.

Мурункудай талаа чексиз-кыйырсыз,
Айлана тынч, көшүлүңкү ың-жыңсыз.
Көргөнүмдө бейитинди байырсыз,
Көз тунарып, сайгылашты жүрөк тыз.

Кастарлап мен гүл койбодум мүрзөңө,
Кечирип кой иш кылбадым чоңураак.
Таштуу бийик тоолоруңан өзүңө,
Алып келдим бир ууч гана топурак.

Эльбрустун аскасында чабыттай,
Бүркүт учат, мемиреп күн нур жаят.
Кээде көп көк, асман бети чайыттай,
Кээде булут, кайта ачылып чаңкаят.

Апам дагы кетти жарык дүйнөдөн,
Эки күнүм эки жерде көз жумду.
Ким баамдап билмек эле көзүмдөн,
Жүрөктөгү жетимчилик муңумду.

Сары чопо кат-кат кетип жарылып,
Көктөн жамгыр тамчысына зар экен.
Чөптөр күйгөн ысык аптап табынан,
Мүрзөлөрдү басып калган көп тикен.

Ылдыйкы ойдо ичке суу агат шылдырап,
Капкайдагы терең ойго баткансып.
Жакасында өскөн камыш шуудурап,
Шыбырашат сырын айтып жаткансып.

## АЯЛ СУЛУУЛУГУ

Күн эркелеткен асман көгүндөй —
Тартылат түбөлүк тоолордун кырдуулугу,

Баш ийем сага ыйык өңдүүдөй —
Аял сулуулугу.

Өтүүдө өмүр — алыс мага аягы,
Картайбайм жаштыктын бар улуулугу.
Дартка даба дайым сенсиң,
Аял сулуулугу.

Шерт менен эрдик, күйүт жана каткан сыр,
Бекеринен ат салышып кубулдубу,
Көрдө болсом үнүң чыкса турамын,
Аял сулуулугу.

Сактайлычы силерди ачуу түтүндөн,
Дайым болсун кылымга аба жылуулугу.
Сүйкүмдүү планеттерде шоола чачкан жарыгы,
Аял сулуулугу.

## ЭЛЬБУРСУМ МЕНИН

Кийик өңдүү ак кар баскан,
Мергенчиге дал кырыңдан байланып,
Мүйүзүңө жерден асман тирейсиң —
Караңгылык андан безет айланып.

Сенин зоокаң үлпөттөнө шаңданып,
Таң атаарда чалып өткөн кызылдай.
Сен тоолордун бабасысың менимче,
Аксакалсың, акылмансың ушундай.

Карга баткан калкагарың шаңдайып,
Алыс жактан мага көзүн салгансыйт.
Ошол кезде апам тирүү тургансыйт,
Кан майдандан агам келип калгансыйт.

Ошол кезде бийиктетип кийикти,
Сур мүйүзү ай жылдызга чалдыгат.
Ошол кезде бүркөө түндү таратып,
Тоо артынан күндү бизге алдырат.

## ЧАБАНДЫН ЫРЫ

Тоо суусунун шылдыры — эс-акылдын
кучтүү, жаңы үнүндөй...
Таң заарынан
суугa келдиң
туман баскан булбулдөй.
Кум чайкаган жээкти мен
кантип сүйбөй коё алам,
Мен издеген издериңди кум
басыптыр билинбей.

Шамал жеген сүрдүү асканын
касиеттүү гүлдөрү,
Эркин өскөн сүйкүмдүү гүл
зоокалардан түрдөндү.
Ак таңдарга киринет да,
күнгө карап жылмайып,
Жүрөгүмдө ошол нурдан
салтанаттуу гүл өндү.

Ташка төктүң шуудурумдөн
пайда болгон жашыңды,
Ортоктошуп ошол таш да,
Сага ичи ачынды.
Терезеден сен көз салсаң
түнүндөгү шоолага,
Көкүрөккө бейкуттуктун
көп оттору, жарык жанып, жашынды.

* * *

Ырым менин агым болуп
учуп жетээр артыңдан,
Өзү менен метеорлорду,
карды, гүлдү алып барат артынан.
Алоолонгон сен кызыл таң
бийик болгон Эльбрустан,
Сен — агамсың буркулдаган
Жээгиң менмин түбөлүккө тартылган.

## КЫЯ ЖОЛ

Жарык менен мунарыкта,
жатат ана ойлуу жол,
Капчыгайды как жарат да,
адашкансыйт, оңду, сол.

* * *

Айтчы жолум, уктуң беле,
тоолуктардын кошконун,
Атчан жигит колукту уурдап,
куугунчудан озгонун.

* * *

Доңгөлөктөр шалдырап,
таштар өжөр тарсылдайт.
Аскадан ары күн батып,
тумандап жылдыз чачырайт.

* * *

Жыгылган жоокер каны агып,
карарууда, шорголоп.
Чаалыгып-чарчап кызыл нур
аскага батты хорголоп

* * *

Экөөбүз бир аз окшошбуз,
аны жол биз билебиз,
Эл санаасы экөөбүзгө адымдаш,
чыгарбай эстен жүрөбүз.

## ТАКА

*(Керим Отаровга)*

Күмүштөнүп, шоолаланып суу аккан,
Ай өңдөнүп, чагылтылган булактан,
Тоодо жатат эски така кылымдан,
Элес берип качанкы бир убактан.

* * *

— Айтчы така катаал беле заманаң!
Жамгыр төгүп, кар бастыбы дагы анан...
Таш куйкалап, таканы да күн өрттөп,
Дат баспастан кандайынча ал калган.

* * *

Така сени, тагдыр ойго салдыбы,
Кыял кыйып, каргыш терске жандыбы.
Койнун ачкан конокторго ушул шаар,
«Налчык»[1] делип нарт тукумга калдыбы.

---

[1] «Налчык» /Нальчик/ — карачай-балкар тилинде така деген сөз.

* * *

Кара баскан, жолсуз, кыйын кезеңде,
Тумандуу өлүм от кечирген эченге.
Таалайыңдан сен ажырап така да,
Тумар тутуп, сен аны издеп өткөндө.

Аз кездештик, аңгычакты ай тийди,
Жылдыз жанып, Керим сага бак үйдү.
Капчыгайдан тоолук үнү жаңырып,
Балкар ыры өчпөй жанып, от күйдү.

Бакыт тилейм үйүм менен шаарыма,
Така изи түбөлүктүү, кала берсин баарында.
Ак чач баскан карыяны каршы алып,
Жүзгө чыксам,
Жылуу күлкүң, вино турсун алдымда.

## ЭНЕ ОЙЛОРУ

Туман баскан кыялаган жолдордон,
Кеч курунда күүгүмдөнөт көрүнбөй.
Капчыгайда жүрөк шекшип чочулап,
Көз жалдырайт, күтүү андан бөлүнбөй.

Кайгылардын жашы агып түнүндө,
Канча үйлөрдү тунжуратат апатка.
Түк уктабай түнү бою түйшөлүү,
Түн качырган окшош жылдыз сапатка.

Көк деңизди, зоокаларды көрөсүздөр ошондо,
Көрөсүздөр, алыс жердин алысын.
Эне ойлору оой, кара жоолук түспөлдүү,
Жарык кылган терезе өңдүү баарысын.

Колуңарда планеттин шариги,
Оопалагы анын огун айланткан.
Касиеттүү ата-энелердин ойлору,
Тегиз гана өткөн жолдой жай жаткан.

## КАПЧЫГАЙДА АЧЫЛГАНДА АК ГҮЛДӨР

Капчыгайда ачылганда ак гүлдөр....
Бийик асман кабак чыта көз салат.
Көлөкө да, тоо этектен ак чокуну көп карап,
Кара ойлордой тоого барып капталат.

* * *

Капчыгайда ачылганда ак гүлдөр...
Ак чокулар жашырышпайт бүт каарын.
Албуут дайра туңгуюкка камалган,
Чабандестей жаман кабар ташыган,
Алып сызат бүт баарын.

* * *

Капчыгайда ачылганда ак гүлдөр,
Кайгылантат кайра мени ошол күн.
Биздин үйгө мейкининен орустун,
Угузушкан агайымдын өлгөнүн.

* * *

Душман келбейт, жетпейт жана өтө албайт,
Жүрөк сүйгөн мекен, элим, менин карачайыма.
Аскаларга эркин куштай уялашып,
Эркин таптап, баш ийдирген жайыма.

* * *

Көзүм таңып таштап койсо чөлгө да,
Карачайым сага жетем баары бир.
Бөтөн жерге өлбөс кылып койсо да,
Сага берем ошол жашты, өзүң бил!

* * *

Көзгө суук көрүстөндө, санаалаштар чогулуп,
Жашап өткөн,
        Бизден кеткен досубузду узаттык...
Эң акыркы босогонун түбүнөн,
Колмо-колдоп, ташып, чарчап жол тарттык.

* * *

Оо досторум, туугандарым, шакирттер
Узатууга чыктыңар ээ, эң акыркы жолуна!
Кайра келбейт, кандай гана кайгылуу,
Жылуулук жок, эми анын колунда.

* * *

Күзгү асманда кайкып учкан куш эмес,
Күндөрүм — ал учуп кетип бараткан,
Куштар кайра кайрылышат,
Жазда ошол тараптан,
Жашым менин кайтып келбейт,
Жакшы жылдар
        — куу шыбактай жараткан.
Мезгил — оттой анын баарын дүрт жаккан,
Жок дегенде жылуу беле коломтом,
Жүргүнчүгө үшүп кетип бараткан.

* * *

Дарыясы капчыгайымдын... Ак чоку,
Тоолорум менин, тагдырымдын жылдызы.
Кыртыш менен гүлдөр баары биригип,
Түбөлүккө бирге дегем мен ушу.

Баткан күндөй кетип калдың сен эми,
Өчтүң, биздиң, анан дагы күбүлдүң,
Жок турасың, жүрөгүмдөн кетпедиң,
Андай болсо, мен эмнеге түңүлдүм.

## ОЧОКТУН ЖАНЫНДА

Бала элем, энем тирүү болуучу,
Кыял менен ай, жылдызга токунгам.
Улуу тоо да кулак түрө угуучу,
Апакеме ырларымды окугам.

О ошондо бактылуу элем башкача,
Ырларымды апам угуп олтурган.
Жалындаган — улам күчөп куу арча,
Отко жылып, ырга жыргап толкуган...

Так ошондо аалам болуп керемет,
Биздин үйгө түбөлүккө кут конгон.
Энем менен олтургансыйм бетме-бет,
Ыр окуймун көзүм албай ал оттон.

Энекем жок, үй жапыстай көрүнөт,
Жымыңдаган жылдыздар да кайгылуу...
Коломто да кусалыкка чөмүлөт,
Оңой бекен энесинен айрылуу...

Ыйык тутуп меш жанында ыр окуйм,
Жылуулугун энекемдин сеземин.
Кусам тарап кубангандан шарт толкуйм,
Кайра баштан бала болуп кетемин...

Жылдар учту канаттарын каккылап,
Өткөн өмүр кайра экинчи кайрылбайт.
Шамал шуулдайт мордун ичин чапкылап,
Балапанын жоготконсуп чырылдайт...

Жылдар жылат. Келем кайра алыстан,
Туулган жерим Тебердиге шашылып.
Күткөн экен булуту жок кең асман,
Туулган жердин гүлдөрү бүт ачылып.

Булут челген ак калпактуу чокулар,
Эмнегедир көзгө жакын көрүнөт.
Ат агызган шаркыраган чоң суулар,
Жап-жай агып мени тосуп өрүлөт.

Келе берем туулуп өскөн айлыма,
Баягыдай меш жанына олтурам.
Жылмайгансыйт кары энем жанымда,
Бала кездей ырларымды окугам.

## АДАМДЫН ТУУЛГАН ЖЕРИ БИРӨӨ ГАНА

Төрөлдүм
Бүркүттөрдүн мекенинде,
Ошондо
Адам каны суудай агып,
Кагышкан
Балбан тизе үзөңгүдө...

Кыдырдым
Бала кезден дүйнө жүзүн,
Жеримди
Сагынгандан азып жүзүм...
Жансактап
Жаш кезимден малды багып,
Соко айдап
Ала-Тоодо толду күчүм.

Алтын Чүй
Өрөөнүндө атам өлүп,
Жылаңаяк
Ачкадан азап көрүп.
Ошондо
Тоо чокусу мээрим төгүп,
Кыйналбай
Эл ичинде келдим өнүп...

Ала-Тоо
Сенде өттү бала чагым,
Теберди
Жериме окшоп көркөм баарың.
Кавказдан
Каңгып келген мендейлерди,
Экинчи
Энем болуп асырадың.

Эльбурста
Эки чоку булут челет,
Бүркүттөр
Кош канатын желге керет.
Мендеги
Жүрөк бирөө болсо дагы,
Кавказды,
Кыргызстанды бирдей сүйөт!

Кайрадан
Жол чакырат жаңы сапар,
Толкундайм
Туш келгенде жаңылыктар.

Эстесем
Туулган жерди жүрөк зырп дейт,
Ооздугун
Чайнап турса күлүк аттар.

Качандыр
Алыс жерде жүрүп калсам,
Жеримди
Сагынгандан артат кусам!
Энемдей
Алдейлеген жерим кымбат,
Атамдай
Көз алдымда бийик аскам!

Эльбурсум —
Өмүрүмдө сагынычым,
Артылды
Ар күн сайын сенде ышкым.
Адамзат
Бул дүйнөдө бир жаралат,
Бир сенсиң,
Гүл мекеним сөздү айтсам чын.

## МЕНИН УЯМ

Түш көрсөм
Тоодон алыс жүрүпмүн.
Сагынычтын
  Узун жибин түрүпмүн.

Эне тилде
Толкунданып таңшыпмын,
Как чокудан
Бүркүт сындуу шаңшыпмын.

Тоолор карайт
Энекемдей сүйкүмдүү,
Жолум жарык
Айланамда ырлар, күү...
Шаңшыган үн
Окшоп эне тилиме,
Мен да сайрап
Берсем деймин элиме.

Жерден тентип,
Ичке толгон кусалык,
Тоомду эңсеп
Бир кумарым күч алып.
Келгин куштай
Канатымды сабалайм,
Сага жетпей
Туулган жерим жай албайм...

Теберди айлым
Энеме окшоп жол карап,
Тосуп алат
Кучак жайып ардактап.
Бүркүт эстейт
Учуп чыккан уясын,
Келдим сага
Канатка окшоп кулачым.

Туулган жердин
Жылуулугу ыракат,

Ушул жердин
Суулары мөл, шар агат.
Ырларым сен
Күнүм да сен батпасым,
Жел кемемсиң
        өмүрүмдө Кавказым!

Түш көрсөм
Тоодон алыс жүрүпмүн,
Сагынычтын
Узун жибин түрүпмүн.
Эне тилде
Толкунданып таңшыпмын,
Как чокудан
Бүркүт сындуу шаңшыпмын.

## ТУРУКТУУ БОЛ ЫЙЫК СҮЙҮҮГӨ

Тагдыр бөлсө жолубузду,
Чыда жаным дайым күйүүгө.
Күткүн, бузба оюбузду,
Туруктуу бол ыйык сүйүүгө.

Гүлдү көрсөм сени көрөмүн,
Таң алдында жашыл талаадан.
Жылдыздарга көңүл бөлөмүн,
Өзүңө окшоп жаркын жылмайган...

Кусалыкка жеңдирбегин,
Жолугушабыз сөзсүз күнүгө.
Башкаларга сыр бербегин,
Туруктуу бол ыйык сүйүүгө!

Аппак сүйүү жүрөгүмдү,
Эчак эле уялаган.
Түштө көрөм бир өзүңдү,
Ыракат алып жан жыргаган.

Нур элесиң күндөй болуп,
Айланамды жарык кылат,
Сен дегенде күчкө толуп,
Сергий түшөм көңүлүм шат.

Мен даярмын эмне десең,
Жол саламын түп-түз үйүңө,
Таң алдында күткөнүм сен,
Туруктуу бол ыйык сүйүүгө.

Бир өзүңсүз жашай албайм,
Өрттөбөчү, кылып таба.
Ашыктыктын тузун чайнайм,
Жүрөк сүйөт бирди гана.

Тагдыр бөлсө жолубузду,
Чыда жаным дайым күйүүгө.
Күткүн, бузба оюбузду,
Туруктуу бол, ыйык сүйүүгө.

## КАЙСЫН КУЛИЕВДИН ЭНЕСИНИН МҮРЗӨСҮНҮН ЖАНЫНДА ОКУЛГАН ЫР

Сел каптаган, күйгөн отту өчүргөн,
Сени турмуш башка жакка көчүргөн...
Узерхан эне үмүтүңдү үзбөдүң,
«Улуу тоого, дедиң кайра мен келем!»

Жат душмандын таманында турагың,
Суукка дагы, ысыкка да чыдадың.
Тоодой болуп тоотподуң тоскоолду,
Үмүт үзбөй күткөн күндүн чыгарын...

Жерден безип, тандай кургап ач калдың,
Баш калкалар жайды издеп сандалдың.
Бардык байлык аман болсо ушул деп,
Балдарыңды бөпөлөдүң, кармадың.

Артык эле адамгерчилик мүнөзүң,
Жазбай тартты Кайсын уулуң бир өзүң.
Акын болду эл жерине атактуу,
Улуу устатым, менин алтын тирөөчүм!

Уулуң дагы жерин сүйгөн өзүңдөй,
Чептей болуп, сактап турган көзүңдөй.
Кандуу жылда салгылашта алыстан,
Жалындаган ак сүйүүсүн өчүрбөй.

Алтымышка Кайсын чыккан күнүнө,
Эңсеп, барктап келип турам үйүңө.
Эң биринчи кучактабай акынды,
Жүгүнүү үчүн тоого чыктым күйүгө!

Мүрзөңүзгө дароо барып баш ийем,
Тоолуктарга кол бергенге сүйүнөм.
Көп болсо эгер жер жүзүндө ыйыктар,
Сенден артык ыйык жан жок деп билем!

Мен бул сөздү сактап келем ичиме,
Ак мөңгүлүү чокулардын ичине.
Айды сүзгөн аркарлардын мүйүзү,
Шаркыраган мөлтүр суунун ичине.

Аскалары күндү тоскон таң атпай,
Жүгүнөмүн ыйык жерге үн катпай.
Узерхан эне сизге тоодой ыракмат,
Бала өстүргөн бар жогуна карабай...

## ЛЕРМОНТОВДУН ҮЙҮ

*Наталья Капиевага*

Бул окуя болгон кыргын согушта,
Бүт кыйраткан согуш деген согуш да...
Ырдын кенин элдер сактап калышкан,
Улуу акын жашап өткөн конушта...

Кандай азап баласынан айрылуу,
Алыс жактан кара кийип кайгылуу.
Эне келди таягына таянып,
Лермонтовдун Үйүн көрүп ыйык — туу!

Ок жаңылып эне уулу өлгөндө,
Октор тешкен китеп жүрөт төшүндө,
Көз жумарда акын ырын окуптур,
Кең мекени бир тартылып көзүнө...

Ошол күндөн кара кийип ал эне,
Күңгүрөнүп жылда келет бул жерге.
Лермонтовдун үйүнө келип жүгүнөт,
Кайгырса да сыймыктанып бүт элге.

## МАШУКТАГЫ ДУЭЛЬ

*(Баллада)*

Лермонтовдун курман болгон жерине,
Келген сайын жараланат жүрөгүм.

Таштан чеккен бүркүт конгон кайгылуу,
Көргөнүмдө кыйрагансыйт түнөгүм...

Ошол кезде көз алдыма элестейт,
Жайдын күнү бара жаткан күн батып.
Үстү жактан кара туман уюлгуп,
Жаш булбулду сайраттырбай жыга атып...

Бири-бирин жек көрүшө карашып,
Эки адам турат тоонун четинде.
Он беш кадам аралыгы алардын,
Тапанчасы дүрмөттөлгөн кезинде.

Акын карайт чокуларын Беш-Тоонун,
Ойго батып башка эч нерсе көрбөстөн.
Арт жагынан Машук тирөөч болгондой,
(Бул дүйнөдөн эч ким өтпөс өлбөстөн).

Каршылашы каарын чачып турса да,
«Байкуш ушул жашаса!» деп ойлоду.
Бет маңдайда душманын ал мээлебей,
Аткан огу асман жакка ойноду.

Тиги болсо кычыратып тиштерин,
Ырлар толгон кең көөдөндү мээледи.
Аска-тоолор күнгүрөндү кайгырып,
Аябастан түп-түз атып жиберди...

Тарс дегенде асман селт деп түнөрдү,
Жер солкулдап, чагылганы чартылдап.
Дайра ыйлады жалгызынан ажырап,
Асман жактан алтын кылыч жаркылдап.

Жондо жүгүн Эльбрус таштап ийгендей,
Көчкү жүрүп, түз жер болду жаралуу...

Тоо бүркүтү шаңшып жашын көлдөттү,
Нөшөр төгөт, айлана бүт ызы-чуу.

Кулап барат акын ырын бүтпөстөн,
Акыркы ирет тоону сүйө карады.
Күүгүмдөнөт тээ Машуктун этеги,
Кементайын орогонсуп аяды.

Ак мөңгүлөр от жаккандай эриди,
Ыйлап жатты колоттогу булактар.
Тилден калып көздөн далда болушту,
Акын барда жымыңдаган жылдыздар.

Лермонтовдун курман болгон жерине,
Келген сайын жараланат жүрөгүм.
Таштан чеккен бүркүт конгон кайгылуу,
Көргөнүмдө кыйрагансыйт түнөгүм.

## ЖАЛГЫЗ МҮРЗӨ

Ой санаага олтурамын чөмүлүп,
Күздүн жели каткан сырын шыбырайт.
Ак булуттар тоо башына төгүлүп,
Машук тоодо жалгыз мүрзө тунжурайт.

Мүрзө үстүнө булут ыйлайт ар дайым,
А шамалы эмнегедир озоңдойт.
А алтын күн жаркыратат бул жайын,
Түркүн гүлү жаш балдардай жай ойнойт.

Ушул жерде кайран шумкар көз жумган,
Түбөлүккө уктап жатат ойгонбой.
Ажал болсо төмөн жакта жулунган,
Чынжыр менен бекем байлап койгондой.

Улуу акын үч жаздыкты жазданып,—
Эльбурс менен Араратты, Казбекти.
Куштар учат кең асмандан баш багып,
Өкүнүчтүү бул дүйнөдөн жаш кетти!

Түш бүркүттүн канатынын алдынан,
Көз алдыма ырлар агып жаткансыйт...
Ушул жерде ар дайыма жарык таң,
Поэзия добулбасын какkансыйт.

Бул жаш бүркүт өлбөс болуп жаралган,
Канаттуу ыры түбөлүккө жаңырат.
Барган сайын көрөм булут алдынан,
Машук тоодо жалгыз мүрзө тынч турат!

## БЕШ-ТООДОГУ ЖАЗГЫ КҮН

Кабардинде топтолгондо булуттар,
Горячевскийде күн күркүрөп чагылган.
Тээ Беш-Тоодо күн жаркырайт, укмуштар,
Тээ Машукта жамгыр бетке чабылган.

Золов башын кара туман чулгады,
Аябастан ак жаан төктү үстүмөн.
Төмөн жакта жаркыйт күндүн нурлары,
Алтын жебе учуп келет миң-түмөн!

Кереметтүү жашыл жаздын күнүндө,
Ачык туруп көп-көк асман жаш төгөт.
Жер жарылып көк чөп чыгып түрүндө,
Жаз сулууну чабалакей алып келет.

Жаз келгенде жердин бети кулпунат,
Балалыгым бакырайып келгенсийт.

Көөдөнүмдө сүйүү толуп жулкунат,
Жазда сүйүү күчкө толуп эрдемсийт.

Жазда ак жаан тоо үстүнөн төгө бер,
Марттык менен жерди жылыт алтын күн.
Күн күркүрө магдырасын теребел,
Жердин жүзүн каптай берсин тынчтык үн.

Кабардинде топтолгондо булуттар,
Горячевскийде күн күкүрөп чагылган.
Тээ Беш-Тоодо күн жаркырайт, укмуштар,
Тээ Машукта жамгыр бетке чабылган.

## САКТАЛЫП КАЛГАН МҮРЗӨ

*1944-жылы фашисттик баскынчылардан А. С. Пушкиндин мүрзөсүн сактап калган саперлор взводунун командири Даут Байчоровго.*

*(Баллада)*

Канкор душман каарданып чамынып,
Акын алпын жок кылсам дейт тап-такыр...
Мүрзөсүн да жок кылуу үчүн жабылып,
Октор учат мөндүр болуп зыр-зыр-зыр...

Даракктар да башын ийген кайгырып,
Асман жер да кан жыттанып оптогон.
А жоокерлер душмандарын буй кылып,
Күн-түн дебей ал мүрзөнү коргогон.

Акын ыры жазгы күндүн нурундай,
Канат керет мейкиндикке, ааламга.
Эли сактайт бул мүрзөнү алтындай,
Эл кубанчы, эл байлыгы бар анда.

Улуу акындын мүрзөсүн да жөн койбой,
Ок жаадырып шум фашисттер тердеди.
Кавказ уулу калтаарбастан козголбой,
Көрүнстөндү коргоп жатып жан берди...

Көк асманда Ай да жылат капалуу,
Ак шооласын тегиз чачып ааламга.
Уктайт акын ага угулбайт ызы-чуу,
Азык болуп ырлары ар бир адамга!

Акын жашайт, Айга, Күнгө окшошуп,
Каптап келген кандуу өрттү тоотпой түк.
Канаттуу ырлар жаңырууда топтошуп,
Ыйык акын жашай бермек түбөлүк!

Ач бөрүдөй жүткүнүшүп фашисттер,
Акын жаткан жерди тытып атышты.
Акын ыры жылдыз өңдүү берметтер,
Кыйналышып жок кыла албай жатышты...

Көктө жылдыз көрүп туруп жаш төгөт,
Муң-кайгыдан бирде жанып бирде өчөт.
Эр жоокерлер эч чегинбейт, өлсө өлөт,
«Ушул жерди кыйын болсоң тепсеп өт!»

Акын ыры алтын күндүн нурундай,
Кавказ уулун жылынткан да кубанткан.
Ач душмандар келсе дагы куюндай,
Ушул жерге жакындабай таш капкан.

Кайран жигит жоокерлерге үлгү эле,
Пушкин үчүн каны-жанын аябай.
Улуу акын тоо аралап шердене,
Сугу артып моокуму түк тарабай.

Ак мөңгүлүү Кавказ тоосун кыдырып,
Күрпүлдөгөн тоо суусуна чайынган.
Шаңшып учкан бүркүттөрдү ыр кылып,
Кучак жайып ыр көл болуп жайылган.

Ыр кудайы дечү аны тоолуктар,
Алтын сөздүн, акыл сөздүн чебери.
Эл оозунда акын жазган дастандар,
Бийик болду Пушкин жүргөн жерлери...

Төрт ай бою мүрзөсүнө акындын,
Бомба түшүп, октор учту тынбастан.
Карачайдын уулу албай бир тыным,
Коргоп жатты коркпой көзүн жумбастан.

Баатыр жигит ыйык мүрзөнү тепсетпей,
Төшү менен калканч болду жан кечип...
Кетти душман арт жагына күч жетпей,
Мүрзө үстүнө күн жылмайды жарк этип.

## ШҮҮДҮРҮМ

Өрттөй болуп ак мөңгүдөн көрүнүп,
Таңдын нуру канат жайып таранат.
Жашыл тулаң бир бирине өрүлүп,
Күмүш мончокко жуунат да таранат.

*Шүүдүрүмдөр наристенин жашындай,*
Таң алдында каухар болуп мөлтүлдөйт.
Айланага көрктү берет жашынбай,
Тазалыктын туусу болуп көлкүлдөйт.

Асмандан күн жерди карайт таңданып,
Жер жүзүнө төгүлгөндөй жылдыздар.
Ар бир тамчы өзүнчө бир нурданып,
Мына ушунда сулуулук да ырыс бар.

Шүүдүрүмдөр жерге мөлт деп түшкөндө,
Булбул сайрайт жашоо уланып жатат деп!
Үн катпастан ыйлайт күнү бүткөндө,
Тамчылардан күмүш мончок күлүңдөп.

## ЖАШЫЛ НӨШӨР

Көчөт көктө топ булуттар,
Жүргөндөй учуп аккуулар.
Бир кезде калкып төмөндөйт,
Чагылган чарт дейт «от шумкар»...

Жомоктогу тири укмуштар,
Болгон өңдүү салгылаштар...
Асман жердин ортосунда,
Аябаган кагылыштар...

Түнөрсө да ак булуттар,
Кыйкуулашат каркыралар.
Кемантайга жамгыр тийет,
Кагылгандай барабандар...

Күн күркүрөйт ашуу ашып,
Көз ирмемде кетти шашып.
Жашыл нөшөр толкуп, бийлеп,
Жемат айлын кетти басып.

## ЭСКЕРҮҮ

*(Баллада)*

*1942-жылы Теберди капчыгайында курман болгон балдарга арнаймын.*

Өтсө дагы,
Канча жылдар арадан,
Согуш тагы,
Кан тамырга тараган...
Жаш балдарды,
Душман кырган аябай,
Жашын төгүп
Буркураган ар адам...

Кырк үчүнчү
Жыл болуучу эсимде.
Кар эриген,
Турдук тоонун четинде.
Мына ошондо
Бир шумдукту көз көргөн,
Тебердиге
Жаздын келген кезинде.

Апам менен
Бара жаттык кечинде,
Тебердиден
Чыккан учур сезимде.
Алдыбыздан
Капалуу аял жолукту,
Коркунучтуу —
Суук кабар сөзүндө...

Өлтүрүптүр,
Жаш балдарды желдеттер,

Бир чункурга
Таштатыптыр тарып жер...
Күнгүрөнүп
Аска-тоолор жаш төгүп,
Бул кылмышка,
Аза күтүп теребел.

Эстен кетпейт,
Ошондогу көргөнүм.
Бир чункурда,
Жаш балдардын өлгөнүн.
Туулуп өскөн
Капчыгайдын ичинде,
Каңырыгым,
Түтөгөндөн чолдодум...

Кантип чыкты
Канкор душман өкүмү?
Желге желп дейт,—
Жап-жаш кыздын көкүлү.
Кыймылдабайт,
Ленталары желбирейт,
Назик чачы,
Аркасына өрүлүү.

Эне келет,
Капчыгайды аралап,
Көөдөндөгү
Бир жүрөгүн жаралап.
Жашын төгүп,
Боортоктоп жыгылды,
Аскалар да
Күнгүрөндү сагалап...

Жаз айында
Капчыгайда баратсам,

Жаш балдардын,
Ыйлаганын шарт угам
Чоң өрттөрдүн,
Ортосунда калгансып,
Кыйналгандан
Жанталашып унчугам.

Мына ошондо
Тоодо көчкү жүргөнсүйт,
Аллоолонуп
Жердин жүзү күйгөнсүйт...
Ошондогу
Балдар ыйын тоо суусу,
Шарларына
Кошуп алып жүргөнсүйт.

Мына азыр,
Жыргал биздин заманда[1]
Жаш бөбөктөр
Ойноп күлүп кадамда!
Бүгүнкү күн,—
Коргоо күнү балдарды
Бакты, таалай,
Келечек да бар анда!

## КЫЙЫН КЕЗЕҢ

Тоо балдары ошол кезде,
Орус тилин начар билчүбүз.
Эки жердеги эки канча дегенде,
Ийнибизди күйшөчүбүз.

---

[1] Бул ыр 1979-жылдын 1-июнунда Улуу Ата мекендик согушта Теберди капчыгайында курман болгон балдардын эстелиги ачылганда окулган.

Орус тилин үйрөнсөк деп,
Аракеттенчү эжекебиз.
Ар дайыма камыбыз жеп,
Кам көргөндөй энекебиз.

Үйрөтүүчү, сүйлөтүүчү,
Колу бошой калганда.
Эгин басып атты деп, Чу!
Иштечүбүз кырманда.

Челекке суу куюп алып,
Ташуучубуз талаага.
Жай чилдеде күйүп жанып,
Алчубуз сыйлык аз гана.

Тоолуктар айтат эзелтеден,
«Булактан дайра куралат».
Тыным албай таң эртеден,
Чөп чапчубуз айдап ат.
Көчүк жооруп,
Чийне менен чөп ташып,
Чөп үймөктөп,
Жеткирчүбүз булутка.
Кере уктабай,
Ооз кеберсип өң азып,
Аталардын
Ордун бастык урушта...

Эжейибиз
Келчү иштеген жерлерге,
Күлө карап,
«Азаматтар!» деп мактоочу.
Эмнегедир,
Дем күч берип демейде,
Мыкты иштөөгө
Шыктандырып таштоочу.

Түш болгондо,
Көлөкөдө олтуруп,
Эжей келчү,
Шам-шуң этип жатканда.
Ар бирибизге,
Кучак жая кол сунуп,
Кубануучу
Жакшы иштерди айтканда.

А дегенде
Кимдин эмне кылганын,
Түп-түз эле,
Бирден сурап кирүүчү.
Биле коюп,
Кимдин чарчап турганын,
Эркелетип,
Энесиндей сүйүүчү.

Мына ошондо,
Чаалыкканды унутуп,
Көтөрүлчү
Көңүлүбүз жайланып.
Камчыны чаап,
Атты айдап жулунтуп,
Кайрат, күчтөр
Пайда болчу кайдагы...

Эжейибиз
Түшкү эс алуу маалында,
Орус тилден,
Үйгө берчү тапшырма.
Качан көрсөң,
Ар бир бала жанында,
«Билбегенди
Түк эч качан жашырба!»

Ал чарбада
Коля байке бригадир,
Эжейибиз
Андан дайым суранчу:
«Орус тилин
Бул балдарга айтып жүр».
Андан кийин
Аңгемелер уланчу.

Петя деген
Отличник окуучу,
Жай айлары
Бирге жүрдү жанымда.
Иштетчүбүз
Ал экөөбүз тырмоочту.
Сурай берем,
Айткандары жадымда.

Орус тилин,
Үйрөнүүгө ал курбум,
Ар күн сайын,
Кылып жатты аракет.
Күндө барам,
Тилдин түзөп, «чулдурун»,
Акырында
Келип жатты берекет.

Биздин тилди,
Эжейибиз үйрөнүп,
Карачайча
Сүйлөп кирчү түз эле.
Келер эле,
Бизге күлүп түрдөнүп,
Ак төө карды
Шарт жарылган күз эле.

Кээ бир сөзгө
Тили келбей күрмөлүп,
Кызыгуусун
Жандырбастан сүйлөөчү.
Уялбастан,
Бизден сурап үйрөнүп,
«Туура айтпасам,
Түзөтө айтып жүр!» дечү.

Мына ошентип
Орус тилин биз билип,
Кыйналбастан,
Шыдыр сүйлөп калганбыз.
Эки жак тең,
Эки тилди үйрөнүп,
Эргүү менен
Тил сабагын алганбыз.

Эжейибиз,
Күндөн-күнгө ошентип,
Сыймыктанган
Кызы болду элимдин.
Жакшы ишке,
Туруучу эле дайым тик,
Биз үйрөндүк,
Улуу тилин Лениндин!

## УНУТУЛГУС МҮНӨЗ

Жарык маңдай, көз карашы мээримдүү,
Чачтары да жарашыктуу, өрүлүү.
Көздөрү да энекемдин көзүндөй
Ушул мүнөз кайталангыс нур төгүү.

Орто бойлуу, терең ойлуу, акылдуу,
Жаш болсо да сөзү дайым жагымдуу,
Мектептеги коңгуроодой үнү ачык,
Ар кимдерге сыйлуу дагы алымдуу.

Басканы да бир калыпта, шарт басат,
Жаркын мүнөз, кийгени да жарашат.
Жазгы күндүн нурларына жуунуп,
Жаш муундарга акыл айтып, көз ачат.

Көздөрүнөн терең деңиз көрүнөт,
Кудум эле ачык асман өңдөнөт.
Бүт дүйнөсү — ой-боюна жарашып,
Көргөн адам өзүнчө эле шерденет!

Сүйлөшкөнүн дароо өзүнө тартуучу
Ошол замат багындырып алуучу.
Жазгы күндөй жайдары анын мүнөзү,
Көргөндөрдү ыракатка салуучу.

Айылдаштар ал жөнүндө сөз кылып,
Баарын билет, күндө турат кулпунуп
Айткан сөзү коргошундай салмактуу
Байлык жатса бара койбойт жулкунуп.

Жаңы ачылган аппак гүлдөй мүнөзү,
Куу адамды жактырбаган бир өзү.
Каалаганы адамзатка жакшылык,
Жалгыздардын көп болсо деп тирөөчү.

Бойго жетип, өссө деген балдарды,
Айтса деген акыл оюн чалдарды.
Тоо башынан ай чыккансып көрүнчү,
Сүйүүчү эле тып-тынч аткан таңдарды.

Жаш балдарга жайнап күлгөн мээримдүү,
Бул жашоого ыраазы да көңүлдүү.
Кең көчөдө балдар менен бирге ойноп,
Эт жүрөктү элжиреткен өмүрлүү.

Дүйнө жүзү дайым жарык болсун деп,
Жаш бөбөктөр жайнап күчкө толсун деп.
Ага ыраазы кары-жаштын баарысы,
Таң алдынан көтөргөнү көп китеп.

## АКЫРКЫ КОНГУРОО

Сонун учур мектептеги окуган,
Он жыл өттү, кылым болуп арадан.
Чаалыкпастан окуп, иштеп, жашадык,
Өнөрлөргө сугарылып биз абдан.

Мугалимдер, окуучулар чогулуп,
Эң акыркы коңгуроолор кагылып,
Кош айтышчу кез майрамдардай сезилип,
Экинчи эне калбаса экен сагынып.

Бий уланып, тегеренип экиден,
Түнгө чейин кыяк үнү муңканат.
Эң ыраакы ак жолдорду түш көрүп,
Бактар дагы талпынышат ак канат.

Жалбырактар шоокумданып шыбырайт,
Ак тоолордон жылуу, жумшак жел согуп,
Сага келген нанга жана китепке,
Сен замандаш, кош айтышпай, кел толуп!

Энелик мээрим менен карайт мектеп,
Көздөрүндө көгүлтүр от жалындап,

Өкүнүч да, кубаныч да жүрөктө,
Бул мезгилге мугалимдей күч сынап.

Бак-дарактар үргүлөшөт нур чалып,
Мектеп менен жаткан өңдү сырдашып.
Эх, мугалим, чыдай албай эркиме,
Ыйлап, ийдим кетем эми белди ашып.

Чоң мектептин жаркылдаган турмушу,
Таң заарында чыккан күнгө барабар.
Денелерден оор жүктү ыргытып,
Алда-кайда канат байлап учат ал.

Өкүнүч көп, бакыт дагы аз эмес,
Жалбырактын шыбыры да кайгылуу.
Кандай гана кыйын болду биздерге,
Өсүп чыккан кең мектептен айрылуу.

Ушул добуш мени алдыга чакырат,
Жагымдуу үн кулагыма угулуп,
Мугалимим мени менен бир жашайт,
Жымыңдаган жылдыздардай туюлуп.

Канаттуудай биз алыска учабыз,
Мектеп алды бак-дарактар шыбырайт.
Коштошоорбуз, бирок бирге жашоолор,
Кыргыз элдин канатында зымырайт.

## ИЗДЕНҮҮ

Ортолордо байланыштар үзүлдү,
Жылдар өттү алмашылып.
Сен менин экинчи энем, кайда калдың,
Сени ойлоп. Пайда болду акындык шык!

Кат жазамын. Бирок жообу келе элек,
Издейм сени менин жакын адамым!
Балалыктын алтын ойлуу күндөрүнөн,
Чабалекей, нан жана китепти алдым.

Жүрөгүң март, үнүн дагы абдан кооз,
Акылың да эң терең.
Кыргыз күндөй сыйкырдуу бул дарагым,
«Кайтып кел» деп чакырганын мен билем.

Сени эстеп, жыйырма жылча издедим,
Тирүүсүң деп, ишенимге малынып.
Сен жөнүндө жыйырма жолу ыр жаздым,
Эң байыркы Эльбурсума жалынып.

Жылдар алыс өткөн сайын,
Сен мен үчүн кымбатсың да баалуусуң.
Мен экинчи эне тапкан сентябрдын айында,
Жакшы көрөм, ошол айды түнү кыска,
күнү узун.

Бардык жерден издей берем, таппадым,
Жүрөгүмдө кусалык да күчөдү.
Жүрөгүмдө аппак таңдар элестеп,
Балалыгым, сенден күдөр үзбөдү?!

Кыйын күндө колуң берип мага сен,
Караңгыдан алып чыктың, жарыкка.
Жакшылык да унутулбайт эч качан,
Мугалимим — сен сүйкүмсүң калыкка.

## ЖАМАН ТҮШ

Тоодо мен бир күнү катуу уктап,
Түш көрсөм үстүмдү булут чүмкөп.

Энекем өлгөн күндөй ыйлап жаттым,
Кайгыга чөмүлөмүн, кабак бүркөп.

Айланам эмнегедир туманданып,
Күн дагы бара жатты карангылап.
Жарыкка жетсем деймин жанталашам,
Энекем алыс кетет колун булгап.

Жолугушуу ишеничибиз таш катып,
Тоолордон жар кулаган сыяктанып.
Жүрөгүм да дүрбөлөңгө түшө берди,
Толкун жүрүп, деңиздерди как жарып.

Булуттар те, бийиктен ошол замат,
Тоолорго, капчыгайга ыйын төгөт.
Кайрадан суу ташкындап келген өңдүү,
Илгерки аскалар да сыйын төгөт.

Кавказдын тоолору бар, абдан бийик,
Кайгымды түшүнгөндөй маа карашат
Кара булут чартылдап, күн күркүрөп,
Адамдар асман, жерде жол талашат.

Тоолор да түнү бою өксөп, эстеп,
Капкара аскаларда ойгонсом деп.
Окуя түш экенин моюнга алып,
Кайгы жок, капа да жок, сүйүндүм тек.

## БИРИНЧИ ЧАБАЛЕКЕЙ

Ак карлуу бийик тоолор, көк деңиздер,
Кавказдын ай, күнүн канатында.
Жаздагы чабалекей кабар берип,
Өзүмдү бактылуудай сезип кеттим,
Маа жазган каттарынды алганымда.

Ушул азыр шашкалактап жатсам деле,
Кайталангыс көз ирмемде кубаныч —
Каттарыңды барактатып ача албай,
Эмне болот, турмуштагы уланыш!

Бирок, сени күтө албаймын, күтпөймүн,
Колдорум да эрксизден созулбайт!
Сенин чындап мага жазган каттарың,
Жаздай болуп, экинчи ирет туулбайт.

Катыңды алдым. Бактылуумун деп ойлойм,
Кавказымдын тоолоруна кайрылам.
Ар бир сабы күн нурундай жаркырап,
Тааныш колго таасирленем, айбыгам.

«Уулум менин саламымды кабыл ал,
Ала-Тоодон энелик ак каалоом бар.
Жылдыз болуп, өчпөс болуп жана бер,
Алыс учкан тоолук бүркүт мага кел.

Буга чейин эстен чыкпай жүргөнмүн,
Мен дүйнөдө чексиз доорон сүргөнмүн.
Бүркүт туурдан эмне көрсө ошону,
Канат сермеп, кайталабай илгенмин.

Силер менен өтүп кетти көп өмүр,
Ар кимдерде элес калат эң өткүр.
Жолуксам деп эңсөө толуп көөдөнгө,
Бак-дарактар бүр түшүрдү нечен түр.

Тынымы жок өтүп жатат өмүрлөр,
Картайсамда жап-жаш бойдон көңүлдөр.
Жүзүмдөгү бырыштарым жолдордой,
Эңсегеним жайлоодогу жашыл төр.

Мурдагыдай иштеп жатам, демденип,
Өз жолумда ишенимдүү шерденип.
Бала чакты эскеремин ар дайым,
Жакшылыкты, жамандыкты теңденип.

Мени унутпай жүргөнүңөр эң жакшы,
Кавказ тоолор жүрөктөрдө, достордо,
Достук демин эми терең түшүнүп,
Өз уулумдай бек кучактайм, ак жолдо...»

Байкуш энем, эстен чыкпайт күн сайын,
Сенин дагы сүрөтүң бар карайын.
Камкордукту как энемдей көрчүсүң,
Колдон келсе көкөлөтүп ырдайын.

Жүрөктөгү кусалыктар тереңдеп,
Достук жолу узак жана кенен деп.
Башка иш түшкөндө баарлашкан адамды,
Айткан жакшы Айдай, Күндөй тийген деп.

Сүрөтүңө сүйлөшүүгө дилгирлүү,
Кавказдагы небереңиз Мединка.
Ууз балалык кездериндей урматтап,
Сиз жөнүндө, ыр жазамын, ук мына!

Жүрөгүмдө жанып турат жалындуу,
Бардык сүйкүм адамдардан эң кымбат.
Мен үчүн сен экинчи эне боло алдың,
Унутулбай жашаганың бул — урмат!

Кавказдын күнү жылуу, мээриминде,
Элесиң шыбыргактайт күздөй болуп.
Сен менин эң биринчи чабалекейим!
Келесиң эртең эле туурга конуп.

# МУГАЛИМ

*(поэма)*

*Мария Павловна Куликовага*

**Даректар**

Сыйкыр канат Кыргыз күнү астында,
Сары өзөн Чүй... Карт ак тоолор суналып.
Сезимимде бир боор мектеп, даректар,
Жомок айтат, тоо уулуна кубанып.

Жазда дарак жашыл тартып-теп-тегиз,
Гүл бутактар күн тарапка зуулдап.
Көк жалбырак жылдыз менен сырдашып,
Чабалекей ойкуп-кайкыйт шуулдап.

Дарактардын үнсүз сыры, шуудуру,
Бизди үйрөтүп үн катпоого сүйлөөгө.
Чабалекей добуштары көңүлдүү,
Бала чакты даңктап алыс дүйнөгө.

Ошол күндөр жарык болуп укмуштай,
Ар күн кызык учкул канат байланган.
Мектеп мага кереметтей сезилип,
Терезеден жолдо алтын жайнаган...

Ошол жолдун алтын учу түгөнбөй,
Ал кезде мен анын сырын билбегем.
Канат болуп, алда таңга чакырып,
Дарак ырдайт биз билбеген тил менен.

Апама окшоп терезе ачты аппак таң,
Дарак үстүн боеп нурга алтын күн;
А мугалим дүйнөнү ачты туюктан;
Жарык күндөй жаркын тилек үмүтүм.

Мен ал күндүн көрдүм сырдуу чыйырын,
Бул дарактар алгач чыйыр башталма.
Орус элдин мугалим кызы — алтын кол,
«Алиппенин» барактарын ачканда.

## МЕКТЕП КОҢГУРООСУ

Миң тогуз жүз кырк алтынчы жылында,
Китеп, кагаз, кийим, нан жок кез эле.
Күн алдында сар жалбырак шуулдап,
Күчкө келет алп теректер тез эле.

Канатындай кийип жибек жашылды,
Жай да өттү, тоо артына жашынды.
Сентябрда кучак жайып дарактар,
Алгачкы ирет коңгуроо үнү чакырды.

Чыйыр жолдо келем жалгыз шашылып,
Жылаңаяк, дарактардын алдында.
Көп турналар учуп муңдуу үн катат,
Көк асмандын бийигинде, айдыңда.

Мектеп алды кооз жана көңүлдүү,
Жаш муундардын күлкүсүнө жаркыган.
Тосуп алды эркелетип мени да,
Сулуу эжей күн нуруна балкыган.

Аты-жөнүм билбесе да башынан,
Назик колу сыйлайт менин чачыман.
Эшик ачып мектеп койну меймана,
Эмнегедир эне мээри ташыган.

Жаңырыктайт коңгуроонун үнүндө,
Бала күлкү, бала өмүрү сонундар.

Жарык, кенен класстарга кирдик биз,
Кош бол бакча, кош бол кызык оюндар.

Эжей кирет, оң колунда китеби,
Сол колунда себетте нан салынган.
Ал кезекте мындан кымбат нерсе жок,
Көз алдыга бир зор дүйнө жаңырган...

Аппак нандын жыты толуп класска,
Сындырымдан берген эжей, (ырас да.)
Эч унутпайм ошол нандын таттуусун,
Эжей мээримин элестетсем бир азга...

Ошол нандын жыты оозумда түбөлүк,
Бул жашоодо азыр деле кез келем.
Ыраазымын мен эжейге, нан көбүн,
Бизге берип өзү тое жебеген.

Биз ошондо мугалимдин алдында,
Эмнегедир күнөөлүдөй жазганып.
Биринчиден алгач алган сабактан,
Накта кызык жашоо кадам башталып.

Көз алдымда сыйкырдуу март колдоруң,
Жолумду ачып мага бакыт тиледиң.
Билим куту Оо Мария Павловна,
Өмүр жолуң: татаал, кыйын билемин.

Жер дүйнөдө жашоо өмүр кубатты,
Берет бизге нан да, китеп барак да.
Ага адамзат таасим этип ыйыктай,
Ак нан, китеп дайым сезим канатта.

Желге ыргалат, ал жыл гүлдүү дарактар,
Күз айында күн нуруна чагылып.

Аппак мектеп... Азыр дале угулат,
Коңгуроо үнү сүйкүм шаттуу жаңырык.

## МАЛЧЫЛАР

Ал кезекте пастек бойлуу бала элек,
Эртең менен кечте болуп таанымал.
Уй кайтардык Ефрем ата экөөбүз,
Эрте жазда, эригенде сары кар...

Түшкө чейин малчы болуп айылга,
Түштөн кийин мектеп болуп барганым.
Бактар тааныш, мээр чачса жол тосуп,
Байкочумун балалык от жанганын.

Окуум, эмгек опурталдуу болсо да,
Алга үндөп анын жарык таңдары.
Биз турмуштун зор сыноосун кечирип,
Балалыктын колу эрдикти жандады.

Апам мени эрте ойготуп таңында,
Кызыл короз добуш салар маалында.
Көктөн түшкөн мөлтүр тунук шуудурум,
Көк шалбанын ойнойт бутак талында.

Шуудурум чөп бассам бада артынан,
Тоо кыркада гүлдөр жайнап ыргалып.
Сары өзөн Чүй, шаңдуу чыгып обон күүм,
Дале жүрөт бүгүн менде ырдалып.

Көз чаптырдым чыгыш жакка таңданып,
Ак мөңгүгө каректерим жиберип.
Жомоктогу алп күч болуп жанданып,
Күн да чыгат күмүш нурга гүл өнүп.

Жашыл жарык алтын нурга чайынып,
Көз алдымда кызык дүйнө жаралат.
Ак чокулар кызгылт боек сүртүнүп,
Өрөөн түрү аппак сүттөй агарат.

Таңкы мөлтүр шүүдүрүмгө жуунган,
Гүл өсүмдүк күн дүйнөгө бурулат.
Канаттуулар укмуш ырдап мукамдуу,
Дүйнө жүзү сыйкыр болуп туюлат.

Канталангыс болгон тоодо ошол таң,
Зор бакыттан асман, жерим күлгөндө.
Кубаныч алып көп гүлдөрдүн көзүнөн,
Шүүдүрүмүн салыштыргам сүйгөнгө.

Күн нур төгүп кылтыйганда жаңыдан,
Уйлар өтүп көпүрөдөн бедеге.
Бат тоюнуп туш тарапка жайылбай,
Бир орунда ныксырашат дегеле.

Бир ай бою өзүмчө эле түйшөлүп,
Ой, чункурун билбей талаа жайыттын.
Саздан өтүп, жөө аралап камышты,
Ат, эшек жок, далай жерди арыттым.

Малчы болуш оңой эмес билгенге,
Ар жандыкка баксаң жооп бересиң.
Тыным албай таңдан кечке декилдеп,
Бут канаткан чөңөргө да келесиң.

Эжейимдин уйун бактык асырап,
Эсимде анын аты «Марта» болуучу.
«Өш!», «Кайт!» деген сөздөрүмө түшүнүп,
Эмнени айтсаң, купулума толуучу.

Мойнун созуп кашып койчу дегендей,
Келди бир күн «Марта» мага сагалап.
Бир мезгилде Ефрем ата кыйкырса,
Уйлар жүрөт көк бедени аралап...

Мен «Мартага» дароо ыргып миндим да,
Аккан суудан өтөйүн деп бурулдум.
Бирок «Марта» мөңкүп туйлап, асмандап,
Жашыл сазга бет маңдайдан жыгылдым.

Өзөрүп ич, дароо тура албадым,
«Марта» болсо качты менден алыстап.
Ефрем ата, курбум менен дөңсөдөн,
Каткырышат, колду жаңсап «табышмак».

Мен үн катпай түшсөм уйлар соңунан,
Дале күлкү... Ызалыгым тереңдейт.
Үндөр угам: «О чабарман чабышка,
Фрунзеге барып келер белең?» дейт.

Дүк-дүк согот эмнегедир жүрөгүм,
Мен эжейге эми кантип көрүнөм?
«Ээ кыйын го кантип кечсин күнөөмдү»,
Оңой албайм, өзүмдү-өзүм сөгүнөм.

Алар күлөт шылдың кылмак эжейге,
Айтабыз деп сөзгө туруп эң катуу.
Мен кайрадан унчукпаймын арга жок,
Жерге кирип кетсем деймин, жер катуу.

Ысып күн да каптайт жерди илеби,
Үйгө түштө апкелебиз баданы.
Мария эжей жолукпаса экен деп,
Тарта берем жүрөк өйгөн санааны...

Эжейибиз алып колго чакасын,
Турат мына, терең сыноо, кызарам.
Калтыраймын, баш шылкыйтып үн дебейм,
Бут шилтенбейт, уятымдан ызадан.

Эжей өзү келет менин жаныма,
Кездешкендей, алгач китеп, нан менен.
А мен андан оолактаймын жалтайлап,
Кантип чыдайм намысы жок ар менен.

Ефрем ата жана менин шеригим;
«Назир жана ыргыштатып Мартаны,
О биз аны айтсак жомок сөз менен,
Ал чабарман бышык, күнөө тартары».

Үчөө күлөт улам катуу каткырат,
Мен аларга көз карегим таштасам.
Чоктой болуп жерди тиктеп уялып,
Мындан көрө азыр эле качпасам.

Ал эжейим басып келип олуттуу,
Кучак жая, сылап менин башыман:
«Бул балага күлбөгүлө шылдыңдап,
Көпүрө болсун Марта суудан ашырган».

Баары үн катпайт, бирок жүрөк тынчыбайт,
Ар бир жүрөк айтып мыйзам ойлорун.
Тынчсызданам күнөөлүдөй баарына,
Комедиянын башкы ролун ойнодум.

Берет эжей тапшырмалар жаңысын;
«Орус тилин билгин, ойдон чыкпаган».
Алып чыгам дептерлерим, китебим,
Күн, жамгырдан, тосуп кеткен сумкадан.

Кукук үнү безейт токой ичинен,
Үн ыргагы жашыл аалам сырында.
Эжей менен бирге сабак даярдайм,
Гүл, чөп жыты аңкып турат мурунда.

Күндөр өтүп минип жүрдүм «Мартаны»,
Көпүрө болду суудан өтөр кезимде.
Кырк жыл толуп өттү далай мезгилдер,
Балалык кез калды жүрөк сезимде.

Канаттуудай мезгил учат зуулдап,
Асман челген тоолор ары жагында.
Жылдар жылды, бирок калды издери,
Кыргыз жерде ысык күндүн алдында.

Жок унутпайм балалык чак күндөрүм,
Карайм шуудур жашыл бактуу жолдорун.
Бардыгы үчүн алкыш айтам эжейге,
Урматтаймын, өбөм алтын колдорун.

Нур күнүндөй кыргыз жерде тоолордун,
Жаркыраткан менин өмүр жолумду.
Үстөлүмдө жатат ыйык нерседей,
Нан, китеби, сүрөп акыл оюмду.

## ГҮЛДӨГӨН ӨРӨӨН

Жаздын жаркын жакшынакай күнүндө,
Эжей менен чыктык гүлдүү талаага.
Биз классты коздо үчүн гүл терип,
Биринчи Май ойдо, жүрөк санаада.

Гүл кучактап, гүл оронгон жер менен,
Баратабыз ашып ары Чат-Көлдөн.

Бийик асман наздуу көркөм жаркырап,
Айлана ысып Ала-Тоого жаз келген.

Тоодон соккон эрке желге мындагы,
Эгин талаа көктөп башын ыргады.
Бөдөнөлөр бөгүп таттуу сайрашып,
Чакырды алга канат кыял сырларды.

Даана тартып тээ алыста теребел,
Күн алдында кызык, алтын дүйнө бар.
Торгойлордун мукам үнү айткансыйт,
Талаа күнгө, данга, таазим берип ал.

Биз келаттык, чур-чуу түшүп топ балдар,
Жап-жашыл жээк, түркүн түркүн гүл толуп.
Сүйүү толуп жаратылыш мээрими,
Кызгалдактай кызыл жалын козголуп.

Бүткүл өрөөн үндөр менен шыңгырап,
Үндөр тартат сыйкыр добуш үн курап.
Ошол күнү асман кушу, жер чөбү,—
Жөнүндө эжей айтып берди сыр курап.

Планета ыр болгондой туюлду,
Жер соргондой «согуш» деген куюнду...
Кара булут качып алыс, эненин,—
Жарат тагы айгып, жазга сыйынды.

Чегирткелер, саратандар чырылдап,
Бөдөнө куш чөп ичинде сайрады.
Бос торгойлор талаа бетин жаңыртып,
Сүйүү ырын козгоду алгач кайдагы.

Тынбай шайыр чабалекей үндөрү,
Кыял сымак бизди алга жетелеп.

Эзелки тоо, Манас алптай көк челип,
Чүй дайрасы агат нукту төтөлөп.

Биз гүлдөрдүн аяр сылап гунчасын,
Жүрөгүбүз согуп турду бактылуу.
Сулуулукту жоомарт төгүп аябай,
Гүл мекенде ойноп күлүп шат куруу.

Көшүлүңкү дан жыттанып талаалар,
Тээ алыска үндүү добуш жаңырып.
Күн астында балкыйт Чүйдүн жаз айы,
Аппак гүлдөн аппак халат жамынып.

Алгач жаздын агын суудай шарында,
Айкөл эжей мугалимим баратты.
Жазга аралаш ыр ырдаса сүйкүмдүү,
Али эсимде ыр сөздөрү канаттуу:

Чабалекей,
Чабалекей дос, жаа огундай уча бер.
Биздин таңдар сүттөй таза суктануум.
Алып келдиң терезедин алдына,
Эрте жаздын жыпар чачкан жыттарын!

Мугалимим сенин назик үнүңдү,
Көп жылдан соң угам алыс тараптан.
Алтың чачың аппак бубак басса да,
Көз отторуң сүйкүм жап-жаш караткан!

Баары эсимде, ырдаганың ошол күн,
Гүл өрөөндө чабалекей жөнүндө.
Үмүт жандап жашап келет ал ырлар,
Үндөп мени экинчи мекен төрүнө.

Ал күндөрдө тердик кооз гүлдөрдү,
Алтын түсүн, мала кызыл, жашылын.

Кызгалдакты, апийим гүл түркүн кооз,
Оттой күйгөн чымчык көздү[1] асылын.

Чырылдаган үн угулду бир кезде,
Чат-Көл жактан бар жандууну караткан.
Ажал тордон чыга албаган алы жок,
Бака экен жылан соруп бараткан...

Тымый түштүк өрөөн ыйлап жаткандай,
Ысык нурун аяп көктөн күн дагы.
Көл ойгонуп термелгендей толкуду,
Дир-дир этип бийик камыш, суу дагы.

Ошол замат чалма жана таш алып,
Эжей көздөп үн чыккан жак тарапты.
Кармашканда жылан менен шол замат,
Бака байкуш зуулдап качып баратты.

Туш тараптан ургуласак таш менен,
Уулу тилин сунуп жылан жанагы.
Суу жээгинде чала өлүк денесин,
Таптады жерге эжейибиздин таманы...

Жомок сымак жердин бети өзгөрдү,
Жаз дүйнөсү жайнап гүлдүү миң каттай.
Эжейибиз муңайымдуу негедир,
Карап турду алыс жакты үн катпай...

Кайгысы көп жазда тентек шамалга,
Гүлү учса күүсү кетип, күчүнүн.
Адилетсиздикти көрүп жашоо көз менен,
Жоготконсуйт өмүрүнүн үзүмүн.

---

[1] Чымчык көз — гүлдүн аты.

## ПЕДСОВЕТ

Окуу жылы жаңы аяктаар алдында,
Болжоп койду өткөрүүнү педсовет.
Ийгиликтер, кемчиликтер айтылмак,
Сын айтышмак мугалимдер сөзгө бек.

Ачты аны директору мектептин,
Ал эжейдин катаал мүнөз күйөөсү,
Кеп башталды терең билим жөнүндө,
Бар болуучу бул иштердин жүйөөсү.

Бардык сөздү чыдап угуп жатышты,
Ичтен иргеп жакшы менен жаманын.
Кезек келип биздин сүйкүм эжейге,
Сүйлөп жатты тарбия иштин кадамын...

Тоолук бала бизде окуган баягы,
Жетине албай жүргөн орус тилинен
Эжей ага «үч» коймок да көчүрмөк,
Алтынчыга, аяп кирсиз дилинен...

Бирөө каршы, бирөө жактап эжейди,
Сөз аягы бүтпөчүүдөй сыягы.
«Тартсын дешет жалкоолуктун азабын
Жаман болсо кайдан жакшы кылалы».

Талаш-тартыш түн жарымында кызуулап,
Дагы уланмак чексиз болуп аягы.
Бирөөлөрү Заурага «үч» койсок,
Десе бирөө жок, деп сүйлөйт дагы ары.

Барган сайын татаал болуп талашуу,
Эки тарап жеңе алышпайт бир-бирин.
Бир аз тынчтык боло калса кайрадан
Талаш күчөйт таппай ынтаа бирдигин.

Кайра баштан биздин эжей сөз алып,
Өз чындыгын көпчүлүккө коёт туу.
Анын кебин кээси ойлоп тескери,
Ак сөзүнө сүртөт кара боёкту...

Мугалима минтет анан олуттуу:
Атасы анын согушта өлгөн эл коргоп.
А энеси азыр да ооруп төшөктө,
Жардам сурап кимге ал байкуш кор болмок?

Чарбада иштейт аны ордуна калтырсак
Суу ташыгыч милдети бар өтөсө...
Кайгы салып бузуп койсок максатын,
Жүрөгү анын сайгылашат эки эсе.

Баары унчукпайт, сүйлөш кыйын мындайда,
Эч чечилбей иштин түйүн — каймагы...
Эртеңкиге калтырылды педсовет,
Эчким бул түн тынч уктабайт жайдары.

Үйгө келди күйөөсү да аялы,
Түнөргөндөй, көп сыр бардай, чок оттой.
А күйөөсү жемеге алды аялын,
Келишүүнүн жигин ишке жолотпой.

Сен «экини» «үчкө» таяп, жамынба,
Баанын баркын билүү — ар кимге дурус да.
Чогулушта көп кайталап сүйлөбө,
Башканын да оюн, сөзүн унутпа.

Түн жарымы, талаш дале уланат,
Эки адамдын ортосунда билинбей.
Таң көз жарып терезе улам — нурданат,
Күрөш бүтпөйт оттуу согуш күнүндөй,

Эртең менен даярдады тамагын,
Күйөөсү үчүн, өзү үчүн да үйүндө.
Чарчагандай ойлуу карайт алыска
Эмне жатат билбейм ойлоо түйүндө?

Бирин-бирин сүрдүү карап жактырбай,
Эжей эрте чыгат мектеп тарапка.
Адамдыкты, акыйкатты туу кылат,
Окуучусу жөнүндө ойлоп алат да...

Жамгыр жаады, асман улам дүңгүрөйт
Кара булут каптап коюу түнөрүп.
Жүрөгү анын ыйлагансып мектепке,
Келет эжей жакшы үмүткө сүйөнүп.

Дагы — кайра коңгуроолор чакырат,
Класс ичи толгон бала шаңына.
Бүгүн эжей толкунданып өзгөчө,
Сыймыктанат жүрөгүндө таңына.

Класста басат, жат жазууну жаздырат,
Заурага келип, кыймыл токтолот.
Бир колунда дептер, берки кол менен,
Бала чачын сылап, жүзү оттонот.

Кечке жуук чогулушту кайрадан,
Бүтпөй калган болчу ошол педсовет.
Баары дымып түрсө кулак эжейге,
Чындык жанып, жүзүндө нур өзгөрөт.

Ал акырын, шашпай баарын баяндайт,
Жүрөгүндө оту күйүп арада
Ар сөзүндө акыйкаттык, калыстык,
Адам мээри, жылуулук бар жана да.

Баары эжейди сукташыша карашат,
Жаш аялдын акылына таң калып.
А күйөөсү жеңилип бул күрөштө
Шагы сынды — уялып да арданып.

Ой орундап тынчсыздануу жоголду,
Бейтынч жүрөк толуп бакыт агымга.
Балалыктын көк тиреген тереги,
Боюн ыргап турат мектеп жанында...

## МАЗМУНУ

**Керез Ырсалиев** которгон ырлар:


Жоокер жана дыйкан . . . . . . 5
Ой толгоо . . . . . . . . . . 5
Каркыралар . . . . . . . . 6
Ак кар . . . . . . . . . 6
Энеме . . . . . . . . . . 7
Менин элим . . . . . . . . 9
Чаңкаган чөл . . . . . . . 10
Жашыл жалбырак шаары . . . . 12
Алтын жалбырак . . . . . . 13
Жыгач чөйчөк . . . . . . . 14
Ала-Тоо . . . . . . . . . 16


**Ильгиз Гилязетдинов** которгон ырлар:


Ысык-Көлдүн айы . . . . . . 17
Балалыгым мекени . . . . . . 19
Тоголок Молдо паркында . . . . 20
Чүй өрөөнүнүн таңы . . . . . 20
Манастын арчасы . . . . . . 21

Тоо кулады . . . . . . . . 23
Бала жана күн . . . . . . . 24

**Жээнбай Мамбеталиев** которгон ырлар:

Көчкү . . . . . . . . . . 26
Түшүмдө . . . . . . . . . 26
Кымыз . . . . . . . . . . 27
Атамдын кементайы . . . . . . 28
Башаты тоодогу дайра . . . . . 29
Карачайым . . . . . . . . . 29
Кызыл күн . . . . . . . . . 30
Лейпцигден жөнөрдө . . . . . 31
Ак бото . . . . . . . . . 33
Бешик ыры . . . . . . . . . 33
Жылмайып кой . . . . . . . 35
Талаанын кызы . . . . . . . 35
Манастын тукуму . . . . . . 37
Эрдик жөнүндө баллада . . . . . 38
Эльбурс . . . . . . . . . . 40
Шабай айлында . . . . . . . . 41

**Буудайбек Сабыров** которгон ырлар:

Курман болгон агам жөнүндө баллада . . . . . . . . . 41
Азгек суусу . . . . . . . . . 43
Апамдын бейити . . . . . . . 45

**Мар Алиев** которгон ырлар:

Аял сулуулугу . . . . . . . 46
Эльбрусум менин . . . . . . . 47
Чабандын ыры . . . . . . . . 48
Кыя жол . . . . . . . . . . 49

Така . . . . . . . . . . 50
Эне ойлору . . . . . . . . 51
Капчыгайда ачылган ак гүлдөр . . 52

**Турдубек Элеманов** которгон ырлар:

Очоктун жанында . . . . . . 54
Адамдын туулган жери бирөө гана 55
Менин уям . . . . . . . . 57
Туруктуу бол ыйык сүйүүгө . . 59
Кайсын Кулиевдин энесинин мүрзөсүнүн жанында окулган ыр . . . 60
Лермонтовдун үйү . . . . . . 62
Машуктагы дуэль . . . . . . 62
Жалгыз мүрзө . . . . . . . 64
Беш-Тоодогу жазгы күн . . . 65
Сакталып калган мүрзө . . . . 66
Шуудурум . . . . . . . . 68
Жашыл нөшөр . . . . . . . 69
Эскерүү . . . . . . . . . . 70
Кыйын кезең . . . . . . . . 72

**Үмөт Токтомамбетов** которгон ырлар:

Унутулгус мүнөз . . . . . . . 76
Акыркы конгуроо . . . . . . 78
Изденүү . . . . . . . . . . 79
Жаман түш . . . . . . . . 80
Биринчи чабалекей . . . . . . 81

**Исабек Исаков** которгон ырлар:

Мугалим . . . . . . . . . 84
Мектеп конгуроосу . . . . . . . 85
Малчылар . . . . . . . . . 87
Гүлдөгөн өрөөн . . . . . . . . 91
Педсовет . . . . . . . . . 95

*Назир Хубиев*

БЛАГОДАРНОСТЬ

(стихи)

(на киргизском языке)

Издательство «Кыргызстан»

Редактору Т. Элеманов
Көркөмдөгөн С. Ямгирчиев
Көркөм редактору Г. Куценко
Тех. редактору К. Бурганакова
Корректору Ж. Өмүралиев

ИБ № 2342

Терүүгө 24. 9. 1982-ж. берилди. Басууга 7. 12. 1982-ж. кол коюлду. Басмаканалык № 2 кагаз. Адабий ариби, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 70×90¹/₃₂. 3,25 физ. басма табак 3,803 шарттуу басма табак, 4,057 учеттук табак, 3,949 боёк түшүрүү. Тиражы 2000. Заказ № 407. Баасы 40 т.

Элдердин Достугу ордендүү
«Кыргызстан» басмасы.
720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе 5, Жигули көчөсү, 102.

**Хубиев Назир**

**X**—98 Алкыш: Ырлар / Орус тилинен котор. — Ф.
Кыргызстан, 1983. — 104 бет.

Жыйнакка бир топ жылдар бою Кыргызстанда жа
шап, окуп билим алып, эмгектенген Карачай акыны
нын кыргыз эли, жерине, жалпы эле достук темасына
арналган ырлары топтолду.

X $\frac{70403-46}{М\ 451\ (17)-83}$ 238—83. 4702260000

С (Кав)
ББК 84 Кара